Такийюддин Набхоний

# САЯСИЙ КАРАШТАР

Хизбут-Тахрир
Басылмаларынан

بسم الله الرحمن الرحيم

# Саясий караштар

Бардык мамлекеттер Исламдын душманы. Себеби, алар Исламга тескери болгон дин жана мабдаларды кабыл алышкан о.э. алардын турмуш жөнүндөгү назар нукталары Исламдын турмуш жөнүндөгү назар нуктасынан айырмаланат, балким, ага тескери келет. Айрыкча, ири дөөлөттөр (державалар) Ислам өлкөлөрүнө көз артуу менен карап, алардын Исламга кастыгы ашыкча даражада. Ошондуктан, алар Ислам Үммөтүн жок кылуу үчүн Ислам Мамлекетин жок кылышты жана Ислам Үммөтү башка үммөттөр ичинде кайрадан дагы улуу үммөт даражасына көтөрүлүшүнүн алдын алуу үчүн Ислам Мамлекетинин кайта турмушка кайтышын тосууга каратылган узак мөөнөттүү пландарды иштеп чыгышты. Азыркы күндө да, Ислам Үммөтү кыймылга келе элегинде Ислам Мамлекетин туулбай туруп туна чөктүрүү максатында пландарды түзүшүүдө, ал үчүн бар күчтөрүн сарпташууда. Ырас, Ислам Мамлекети бар экен, же бул душман мамлекеттер мамлекет катары, же калк, ал тургай, жеке адамдар катары чоң күчтү көрсөтүп турат экен, демек, ири дөөлөттөр Ислам Үммөтүнө, анын вужудуна жана кубатына каршы тынымсыз күрөш алып бара берет. Ар бир саясий мусулман дүйнөдөгү бардык мамлекеттердин тышкы саясатын билиши шарт. Ар бир мусулман ири дөөлөттөрдүн саясатынын түпкү маани-маңызын, жашыруун тараптарын, пландарын, ыкма жана жолдорун жалпы түстө билиши керек болсо, ал эми, ар бир саясий о.э пикир жүргүзүүчү мусулман бул нерселерди кеңири жана реалдуу түрдө билиши керек. Мында ал коркунучтарды билип алуу үчүн жана исламий өлкөнүн т.а. Ислам Мамлекетинин жана Ислам Үммөтүнүн коопсуздугун камсыздоодо тынымсыз иш алып баруу үчүн, өзгөрүп жана жаңыланып туруучу күндөлүк окуяларды күзөтүп барышы о.э. ар кандай мамлекеттин саясат негиздерин ар дайым толук көз алдына келтирип турушу керек болот.

Азыркы учурда эл аралык саясатта эки мамлекет: Америка жана Россия өкүмдарлык кылып жатканда, ири дөөлөттөрдүн дагы экөөсү: Франция жана Англия эл аралык таасир майданына кайтуу үчүн тынымсыз аракет кылып келүүдө. Мындан сырткары, бул эки мамлекеттин Исламий журтка көз артуулары, аны өз таасир чөйрөлөрүнө киргизүү максаттары о.э. Исламга жана мусулмандарга карата кек-душманчылыгы да бар. Ошондуктан, Америка, Россия, Англия жана Франциялардын ар биринин тышкы саясатынын акыйкатын билүү зарыл. Ушуну менен бирге, коркунуч бул мамлекеттердин ар бири тарабынан келишин жана Исламий өлкө коопсуздугу бардык мусулмандардан ар дайым ойгоолукту жана сергектикти талап кылышын унутпоо керек.

# Англия саясаты

Эң оболу билип коюу зарыл болгон нерсе, Англия калкы аз сандуу калк жана Англия мамлекети кичинекей мамлекет. Ошондуктан, ал мына ушул тараптан ири дөөлөт болууга да, этибарга ылайык мамлекет болууга да ылайык эместиги табигый. Бирок, бул англия калкы эки касиети менен т.а. акыл жөндөмү жана айлакерлиги менен башкалардан айырмаланып турат. Ушул эки касиети менен Англия ири дөөлөт боло алды о.э. жалпысынан алганда бүткүл дүйнөгө, өзгөчөлөп алганда, Ислам Мамлекетине кооп сала алды.

Англия кудуреттүү мамлекет болушу үчүн анын иштеп чыккан планы бир нерседе көрүнөт т.а. ал өзүнөн башкаларды б.а. башка жеке адамдар, калктар жана мамлекеттерди өз колунда курал болушу үчүн; же алар Англия өз максаттарын ишке ашырып жатканда Англия менен биргеликте аракет кылышы үчүн; же Англия өз душмандарына каршы күрөшүп, пайдаларды тартып келип, зыяндарды кайтарып жатканда шерик болушу үчүн; же аларды алсырата турган проблемалар чеңгелине жалгыз өздөрүн түшүрүп коюп, англичандар каалаган саясатка жүрө турган кылып коюш үчүн, бул «башкаларды» өз саясатына моюн сундурууда көрүнөт.

Бул Британиянын ар дайымкы планы. Ошондуктан, ал эл аралык тең салмактуулукка олуттуу көңүл бурат. Эгер бирер мамлекет ал белгилеп койгон тең салмактуулукту буза турган даражада ири дөөлөт болуу кудуретине ээ болсо, аны менен касташат жана согушка алып барса да, ага каршы күрөшөт. Дүйнөдө биринчи мамлекет болуш үчүн аракет кылып жаткан ар кандай мамлекетке каршы күрөшөт. Өкүмдар болууга көз тигип жаткан ар кандай мамлекеттен бөлүнүп эгемендүү болуу үчүн аракет кылып жаткан, же бирер мамлекетке кошулуу үчүн т.а. эл аралык тең салмактуулукту бузууга жардам бере турган, же Англияга душман болгон бирер мамлекеттин кудуретин күчөтө турган кошулуу үчүн аракет кылып жаткан ар бир калк, ар бир жамаат, ал тургай, ар бир адамга каршы күрөшөт.

Англия азыркы күндө, жыйырманчы кылымдын жетимишинчи жылдарында, эл аралык майданда күчсүз мамлекет болуп эсептелет. Бирок, ал вокыйлык жактан алып каралганда күчтүү мамлекет. Т.а. жогоруда айтып өтүлгөн эки касиет анда али да бар, анын колониясы болгон калктардын көпчүлүгүн «Комонвалс» («Британия шериктештиги») аты менен өз чеңгелинде кармап турат. Исламий өлкөлөрдүн көпчүлүгү дагы деле анын таасири же өкүмдарлыгы астында. Анын артынан сүйрөлүп жүрүүгө адаттанган Европа мамлекеттеринин чоң бөлүгү аны менен достук мамиледе. Америка Англияга ат салышып келе жаткан жана анын көлөмүн кичирейтүүгө урунуп жаткан болсо да, бирок, турмушта ага

жардамчы жана аны ыдырап жок болуп кетүүдөн коргоочу болуп калууда. Ошондуктан, анын эл аралык жактан күчсүздүгү аны эл аралык майдандан бүтүндөй сүрүп чыгаруу деп эсептелбейт. Балким, бул нерсе, Америка менен Россиянын – эл аралык ыкмалардын жардамында, Англияга жан жана кубат берип тура турган о.э анын жашап калышына жана аракетин кайра башташына кепил боло турган кан тамырларын кесип таштабастан ишке ашырган – бир иши болуп эсептелет.

Ошондуктан, Англияга күчсүз мамлекет катары кароо жана анын эл аралык майдандагы күчсүздүгүн анын чыныгы күчсүздүгүнө далил деп этибар кылуу туура эмес. Балким, ага кароодо анын эл аралык майдандагы абалы менен кудуретинин чыныгы негиздериндеги абалдарын ажырата билүү лаазым.

Англия саясатынын негизи мындай: кичине бир мамлекетте жайгашкан кичинекей бир калк бул жашоодо биринчи болууну о.э. улуулукту жана атак-даңкты каалайт. Ошондуктан, ал өз улуулугун жана атак-даңкын жүзөгө чыгаруу үчүн, кандай болбосун күч-кудуретин ашырып барат. Бүткүл саясатында – он тогузунчу кылымда да, жыйырманчы кылымдын баштарындагыдай кудуреттүү абалында да, жыйырманчы кылымдын кыркынчы жылдарынан башталган күчсүздүк абалында да – Англия мына ушул негизде аракет кылууда.

Анын биринчи мамлекет болуудан же эл аралык саясатка катышуудан көздөгөн максаты – өкүмдар болуу жана өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланууда жана өзүн коргоо үчүн керек болуп калганда, коргонууда колдонуу үчүн эл аралык мамилелер жана мамлекеттер үстүнөн өкүмдарлык кылуу. Мисалы, Англия Европа мамлекеттерин Ислам Мамлекетине сокку берип, кийин аны бүтүндөй жок кылып жиберүү үчүн топтоду. Англия Европа мамлекеттеринин ортосунда тең салмактуулук бузулган убакта, бир гана Германияга сокку берүү үчүн эле эмес, балким, Ислам Мамлекетин биротоло жок кылуу үчүн да бүткүл дүйнөнү биринчи дүйнөлүк согушка тартты. Ошондой эле, Англия Европа мамлекеттери ортосунда тең салмактуулук бузулган убакта, бир гана Германияга сокку берүү үчүн эле эмес, балким, Россиядагы коммунисттик түзүмдү жок кылууга урунуу үчүн да бүткүл дүйнөнү экинчи дүйнөлүк согушка тартты. Франция менен Америка биринчи дүйнөлүк согуштан кийин да, экинчи дүйнөлүк согушта да Англия тарабынан Англиянын улуулугун сактап калуу, анын көз артууларын жана коргонуусун ишке ашыруу жолунда иштетилгендиктерин түшүнүп жетпеген болсо, ал эми, Россия Англиянын экинчи дүйнөлүк согуштан көздөгөн максаттарын түшүнүп жеткен эле. Россиянын бул түшүнүүсүнүн натыйжасында экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Америка Англия тарабынан иштетилгенин сезди. Франция да Англиянын иштеринен кабардар болду. Мына ушул нерсе Англияны – ал Францияны эл аралык майдандан чыгарып жиберүүдө ийгиликке

жетишкенден кийин – эл аралык майдандан чыгарып койду. Франциянын акылы Англияны Европа маселелеринде катышуудан о.э. жалпы базарга кирүүдөн тыйып коюу даражасына жетпеген болсо, ал эми, Америка Англиянын канаттарын сындыруу, кудуретин күчсүздөндүрүү жана жан тамырларын кесип таштоо англичандардын америкалыктар үстүнөн өкүмдарлыгынын алдын алуу үчүн зарыл экенин түшүнүп жеткен эле. Ушуга караганда, америкалыктар – ырас, орустардын англичандарга ишенүүлөрүнүн же аларга каршылык кылууларынын ыктымалы жок болгон соң, англичандардын америкалыктарды өздөрү үчүн иштетишин түшүнүп жеткен соң, алар англичандардын кудуретин күчсүздөндүрүү жана жан тамырларын кесип таштоо саясатын улантып, англичандарга какшаткыч сокку берүү жана аларды кайрадан кичине бир мамлекеттеги кичинекей бир калк даражасына түшүрүп коюу үчүн – катуу киришишти.

Британия саясаты Россияга каршы түрдүү ыкмалар аркылуу эл аралык даражада жана жузъий саясаттарда күчтүү уланууда. Американы өзү үчүн сүйөнүч катары сактап калуу жана Американын Англияга каршы иштетүүнү көздөп жаткан саясатына каршы күрөшүү максатында, жакшы мамиле, алдоо жана жашыруун жолдорду колдонууну улантууда. Россиянын Англия менен тил табышуусу жана Американын Англия менен болгон мамилелерин Россия менен болгондой кылып курчутушу күтүлбөгөнү менен, бул жерде Англиянын Европаны өз айланасына бириктирүү жана Американын Англияга сокку берүүгө болгон урунууларын токтотуп коюу же бул соккулардын күчүн азайтуу ыктымалы бар. О.э. бул жерде Россиянын империя абалына өзгөрүп калуу ыктымалы бар о.э. анын максаты бүткүл дүйнөнү көзөмөлүнө алган коммунисттик мамлекет эмес, балким, болгону өзүн коргоп жана ири дөөлөт макамын сактап гана кала турган мамлекет болуп калуу ыктымалы да бар. Ошондуктан, Россияда бүткүл дүйнөнү ээлөө рухун алоолонтуу (негизи, бул нерсе кыялый болсо да) о.э. «жаңы дүйнө»дөн тышкарыда Американын кызыкчылыктарын сактап калуу – булар англичандардын эл аралык майданга кайтуу коркунучун жокко чыгарат о.э. аларды өкүмдарлык кылуу жана чабуулга өтүү абалына өткөрбөстөн, бир гана өздөрүн коргоо абалында калтырат.

Ал эми, Англиянын эл аралык болбогон саясатына келсек, анын бул саясаты Америкадан жана Европадан о.э. Россиядан тышкарыда болуп, Азия жана Африкага т.а. өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланууну, өзү үчүн күч, калкы жана мамлекети үчүн жан тамырлар кылып алууну көздөп жаткан мемлекеттерге каратылган. Ошондуктан да, Англияны ойрон кыла турган нукта Европада эмес, балким, Азия жана Африкада. Арийне, Англия кубатынын булагы ушул эки континентте болуп, анын жаны да ушул эки континентте өз турумун сактап калышына байланыштуу. Бул эки континентте, же алардын биринде Англиянын күчү бар болот экен, демек,

ал канчалык күчсүздөнбөсүн, баары бир күчтүү мамлекет бойдон кала берет, ал канчалык соккуларга туш келбесин, тирүү жана таасир өткөзө ала турган мамлекет болуп кала берет. Ушуга караганда, Англия саясаты түшүнүү үчүн жана иш үчүн үйрөнүлө турган болсо, эң биринчи анын Азия жана Африкадагы, андан кийин Европадагы саясаты үйрөнүлөт. Ушундан белгилүү болгондой, Англияга каршы иш алып барууда англия саясатын чындап түшүнүү үчүн анын Азия жана Африкадагы, андан кийин Европадагы саясатын үйрөнүү лаазым болот. Себеби, анын Европадагы саясатын үйрөнүү – эл аралык саясатта же колония саясатында болсун, айырмасыз – ага каршы эл аралык майданда иш алып баруу үчүн жана Европаны бириктирип өзүнө моюн сундурушунун алдын алуу үчүн пайдалуу болот.

Англиянын Азия жана Африкадагы ар бир мамлекетте, же кеминде ар бир региондо жүргүзүп жаткан саясатын үйрөнүү зарыл, бирок, бул нерсе кишини өзүнө камтып алуу кыйын болгон тафсилаттарды (деталдарды) билүүгө мажбур кылат. Анткени, тафсилаттар өзгөрүп, жаңыланып жана алмашып турат. Бул болсо күндөлүк окуяларды күзөтүп барууну талап кылат. Ошондуктан, аларды иш учурунда күзөтүп баруу мүмкүн болсо да, негизинен, аларды үйрөнүү кыйын. Ушуга караганда, Англиянын бул эки континенттеги саясатынын негиздеринин башкы багыттарын билүү менен чектелүү зарыл болот.

Бул башкы багыттар төмөнкүлөр:

Биринчиден, Англия бул өлкөлөрдө бийликти башкаруу түзүмүнө көңүл бурат. Мисалы Англия ал жерлерде жаңы мамлекеттерди пайда кылат (Иордания сыяктуу) же мамлекеттерди өз ара душман бөлүктөргө бөлүп жиберет (Индия жана Палестина сыяктуу) же биригүүсүн каалабаган мамлекеттерден жана өз пайдасы үчүн оңой пайдаланууну көздөгөн мамлекеттерден ар кыл союздарды түзөт (Танзания, Малайзия сыяктуу мамлекеттер жана «Түндүк Африка биримдиги союзу», «Түшүмдүү жарым ай союзу» сыяктуулар) же акимдерди башка акимдерге өзгөртөт (Ливия жана Угандада кылганы сыяктуу) же өзүнө жан тартпай турган түзүмдөрдү өзгөртөт (Саудия жана Алжирде кылганы сыяктуу). Демек, Англия бийлик түзүмдөрүн – аларды күчөтүү же алсыратуу үчүн, бийликти бир жерге топтоп же бөлүнүүгө салып коюу үчүн, же дагы башка максаттарда – ар дайым күзөтүп, бул жаатта үзгүлтүксүз иш алып барат.

Экинчиден, англичандар Азия жана Африкада капитал, компаниялар, ишкер кишилер, соодагерлер жана башкалар аркылуу экономикалык жактан өз кызыкчылыктары жолунда пайдаланууга сүйөнөт. Мисалы, алар Индияга «Чыгыш компания» аркылуу киришкен жана азырга чейин ал жерде компаниялардын, ишкерлер жана соодагерлердин жардамында турушат. Арабстан жарым аралына капитал жана соодагерлер аркылуу кирип келишкен жана азырга чейин ал жерде соодагерлер жана

ишкерлердин жардамында турушат. Иранга нефть компаниялары аркылуу киришип, азырга чейин ал жерде компаниялардын, соодагерлер жана ишкерлердин жардамында турушат. Нигерияга компаниялар аркылуу киришкен жана азырга чейин ал жерде компаниялардын, соодагер жана ишкерлердин жардамында турушат ж.б.у.с. Англичандар кошуун аркылуу согуш кылып кирбеген – Ирак жана Египет – сыяктуу мамлекеттердин көбүнө экономикалык жол менен киришкен. Аскердик жактан чыгып кеткен – Кения, Танзания жана Занжибар сыяктуу – мамлекеттерде да компаниялар, соодагерлер жана ишкерлер жардамы менен турушат.

Демек, экономика англичандардын Азия жана Африкадагы өтө көптөгөн мамлекеттерде турушунун негизги фактору болуп эсептелет.

Үчүнчүдөн, англичандар мамлекеттерге кирүүдө жана ал жерде калып калууда малайларга сүйөнүшөт. Бул малайлар ар түрдүү болушат: алардын кээ бирлери саясатта, кээ бирлери экономикада, кээ бирлери соодада, кээ бирлери пикир таратууда, кээ бирлери илим жана таалимде жана кээ бирлери өз мамлекети этикат кылган динде малай болушат. Саясаттагы малайлар эң көзгө көрүнүктүү малайлар болушса да, бирок, башка малайлардын саясатчы малайлардан коркунучу кем эмес, балким, айрым абалдарда мамлекетке алардын коркунучу андан да чоң болот жана англичандардын таасири үчүн эң күчтүү фактор катары кызмат кылышат. Ошондуктан, малайлардын бардык түрлөрү англия саясатынын бир бөлүгү болуп эсептелет. Анткени, англичандар алардын жардамында, араб жарым аралына жана Египетке кирип келгендей, мамлекеттерге киришет жана алардын жардамында, Индия жана Танганьикада болгондой, кирип алган мамлекеттеринде калып калышат.

Төртүнчүдөн, адаштыруучу пикирлер, козгоочу райлар, таасир көрсөтүүчү кабарлар жана ушул сыяктуу нерселер англичандардын мамлекетте мавжуд болууларынын – мамлекетке кирүү же ал жерде калууларынын – жемиштүү ыкмалары болуп саналат. Мисалы, улутчулдук пикири Балканды Осмоний Мамлекеттен ажыратып таштады жана арабий өлкөлөрдүн түркий өлкөлөрдөн бөлүнүшүн колдоп-кубаттаган күч болду. Демократия жана батыш дүйнө карашы пикирлери Исламий өлкөлөрдү батышка көз каранды жана андан ажырала албай турган кылып коюуда. Бул пикир жана райлар – улутчулдук сыяктуу жалпы болобу, же британия асылзаадалыгы, англичандардын ыраскөйлүгү жана Англиянын жөндөмдүүлүгү сыяктуу жекече болобу, айырмасысыз – Англиянын кириши жана ал жерде калышы үчүн, абдан көп мамлекеттерде мүмкүнчүлүк жаратып берди.

Бешинчиден, Англия саясий адаштыруудан мамлекеттерге өз таасирин жаюунун жемиштүү ыкмасы катары пайдаланат. Ал саясий адаштыруу жолу менен Түркияга кирди жана азырга чейин ушул жол менен ал жерде турат. Ал Африка түштүгүндө жана Родезияда саясий адаштыруу жолу

менен өз турумун бекемдөөдө. Өзүнө Кипрде калуу мүмкүнчүлүктөрүн жаратуу максатында, Түркия жана Грецияны саясий адаштыруу жолу менен Кипр маселесинде өзүнө моюн сундуруп келүүдө.

Мына ушулар Азия жана Африкадагы англия саясатынын негиздеринин башкы багыттары. Бул негиздер аскердик базалар, деңиз флоту, амалий коркунуч, жемиштүү кысым жана ушул сыяктуу ачык жолдордон башка жолдор, анткени, булар материалдык жолдор. Мейли, Англия өзүнүн Азия жана Африкадагы саясатында аларга сүйөнсө да, бирок, алар ачык жолдор болуп саналат. Ал эми, ушул беш негизги багыттар жана алар сыяктуулар таасирдүү саясат болуп, англичандардын бул мамлекеттерде болушун жана аларда калып калышын кепилдейт. Ошондуктан, Америка жана Россия жер жүзүндөгү аскердик базаларды жоюуга келишишип, дүйнөдөгү англичан аскердик күчтөрүн азайтышкан чактарында Англияга күчтүү сокку берүүдө иш жүзүндөгү бир натыйжага жетише алышпады. Анткени, бул иштер Англиянын жан тамырларын кесүүгө урунуу жана кудуретин күчсүздөндүрүү гана болуп, анын тамырларын чындап кесип таштоо жана кудуретин биротоло жок кылуу эмес эле. Себеби, Англия үчүн малайлар жана бирер мамлекетте экономикалык кубат бар болсо, мына ушунун өзү анын ушул жерде калышына, эгер ал жерден куулса, дагы кайтып келишине жетиштүү болот. Индия, Танзания жана Нигерия буга жаркын мисал.

Демек, Англия саясаты эл аралык саясатта катышуу жана эл аралык майданда таасир өткөзүү үчүн пландаштырылат о.э. өкүмдарлык кылуу, өз таасирин жаюу, мамлекеттерди жана адамдарды эксплуатация кылуу максатында да пландаштырылат. Бул саясаттын эл аралык тараптар үчүн белгиленген пландары улуулук жана атак-даңк үчүн болсо да, ошол эле учурда, алар башкаларды эксплуатация кылуу үчүн дагы. Демек, Англия саясатындагы негиз – мамлекеттерди жана адамдарды эксплуатациялоо. Башкалары болсо бул эксплуатация үчүн жол жана ыкмалар болуп саналат.

Англия саясатынын акыйкаты мына ушундай. Эгер бул акыйкат вокеий сүрөттө түшүнүлсө, бул саясатка сокку берүү, балким, англичандарга сокку берүү мүмкүн болот.

# Америка саясаты

Америка саясатында эки абал бар: экинчи дүйнөлүк согушка чейинки абал жана экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки абал. Экинчи дүйнөлүк согуштан мурунку абалы – үйрөнүп коюу ашыкча болбосо да – биз үчүн маанилүү эмес. Ал эми, экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки абалы өтө маанилүү. Себеби, бул абалды иш жүргүзүү максатында үйрөнүү жемиш берет. Экинчи дүйнөлүк согуштан мурунку абалын үйрөнүү болсо, Америка саясаты курулган негизди толугу менен түшүнүүдө жардам

берет. Бул болсо бизге иш жүргүзүүдө күндөлүк окуяларга өкүм чыгаруу үчүн собик (мурунку) маалымат катары жардам берет.

Америка саясаты экинчи дүйнөлүк согуштан мурун батыш жарым шарда жалгыздык негизине курулган эле. Ушул себептен улам, ал Монро доктринасын кабыл алды. (Жеймс Монро 1817-1825-жылдарда Америка мамлекетинин башчысы болгон. Американы жалгыздыкка даъват кылган). Анын тышкы саясаты батыш жарым шарды эски дүйнө (Европа, Азия жана Африкада) болгон башка мамлекеттерден коргоо негизине курулган эле. Америка үчүн эски дүйнө Европа эле, себеби, Монро доктринасынын жаралышына себеп болгон ыйык келишимден кийин, эски дүйнөдө Европадан башка Америкага коркунуч сала турган, же коркунуч туудурушу мүмкүн болгон күч калбаган эле. Анткени, Ислам Мамлекетине сокку берилип, ал күчсүздөндүрүлгөндөн кийин, эски дүйнөдө мына ушундай күч катары бир гана Европа калган эле. Ошондуктан, Америка өзүн коргоодо саясатын Европага карата өзгөчө саясат иштеп чыгуу негизине курду. Европада төрт ири дөөлөт: Англия, Франция, Германия жана Россия мамлекеттери бар эле. Бул мамлекеттердин Осмоний Мамлекеттен көңүлү тынган соң, алардын ортосунда өз ара күрөш күчөдү. Америка бул күрөшкө азык берер эле. Алгач ал бул мамлекеттердин бири да Европага өкүмдарлык кылууга мүмкүнчүлүк таба албай турган даражада, алардын ортосунда күчтөрдү теңдештирүү саясатына сүйөндү. Экинчиден, Англияны өзүнө бүтүндөй уул кылып алып, ага камкордук кыла баштады жана аны Европа мамлекеттеринин ортосунда күчтөрдү тең салмактуу кылуу саясатында колдоп-кубаттады. Үчүнчүдөн, Европадагы кайсыл бир мамлекет башка бир Европа мамлекетин өзүнө кошуп алууга аракет кылса, буга жол койбоду. Ушул себептен улам, Швецария, Люксембург жана Бельгия сыяктуу чакан мамлекеттер кандай болсо ошол бойдон калды. Англия жана Франциянын абалы күчтүү бойдон калды. Европа үстүнөн болгон өкүмдарлыкты колго алуудан Американы чоочутуп турган биринчи мамлекет Германия болсо, андан кийинкиси Россия эле. Ошондуктан да, ал биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштарда Германияга каршы турду жана экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Россиянын жолуна тогонок болуп, анын Европаны уратышына жол койбоду.

Демек, Американын саясаты экинчи дүйнөлүк согуштан мурда жана кийин батыш жарым шарды ар кандай Европа мамлекетинин кирип келишинен коргоо үчүн Европадагы күчтөрдү тең салмактуу кылуу саясаты болду. Ошондуктан, анын батыш жарым шардын тышкарысындагы тышкы саясаты жалаң коргонуу саясаты болуп, ал Европа мамлекеттеринин ортосунда күчтөрдү тең салмактуу кылууга сүйөнөр эле. Американын бардык саясий жана аскерий иштери батыш жарым шарга чектелген эле. Ал жерден Япония себептүү Филиппинди

колония кылганда гана чыкты. Себеби, Америка Япониядан коркор эле. Бирок, чабуул кылуу жөнүндө пикирлесе, ага сокку берүү үчүн даярдык көрүү менен гана чектелчү. Мына ушул максаттан улам Филиппинди колония кылды жана Япониянын коркунучу анчалык маанилүү болбогондуктан, ушуну менен чектелди.

Американын экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки саясаты бүтүндөй өзгөрүп, башкача түс алды. Ошондуктан, Америка саясатындагы үйрөнүлүшү лаазым болгон жак – анын экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки саясаты. Себеби, ал эл аралык турмушка таасири болгон саясат болуп, ага каршы күрөшүү жана анын коркунучун жоюу терең түшүнүүгө о.э. факторлорду, ыкма жана жолдорду билүүгө муктаж.

Баарыдан мурун Америка калкы жөнүндө бир пикирге келүү керек болот. Анткени, өз акимдерин өздөрү ыктыяр кылып тандай турган калк жана улуттар мамлекет деп этибар кылынат. Демек, бул орунда калк менен мамлекеттин ортосунда айырма жок. Ушуга караганда, англия мамлекети дегени – англичан калкы, франция мамлекети дегени – француз калкы, америка мамлекети дегени – америка калкы дегени. Америка калкы б.а. Америка XVIII кылымга чейин, балким, XIX кылымдын баштарына чейин Европанын колонияларынын бири болгон. Аны Европа мамлекеттери, өзгөчө, Англия колония кылып алган эле. Америка улуу революцияны жүзөгө ашырып, ал жерден колонизатор мамлекеттерди, айрыкча, Англияны кууп чыгарган соң, эгемендүү мамлекет катары жүзөгө келди. Кийин ал өсө баштады. Акыры келип ири дөөлөткө айланды. Бирок, капиталисттик мабда анын мабдасы жана капиталисттик дүйнө караш анын дүйнө карашы болуп калды. Ал европалыктар этикат кылган капитализмди кабыл алды жана Европа дүйнө карашы анын да дүйнө карашы болуп калды. Ошондуктан, ал мабда жана дүйнө караш жагынан Европа мамлекети эсептелип, аны менен Франция же Англиянын ортосунда айырма жок. Кийин Америка бул дүйнө карашка жетекчилик кылып, аны Европа мамлекеттери сыяктуу коргой баштады. Ал тургай, Кошмо Штаттары т.а. Америка президенти Эйзенхауэр мындай дейт: «Биз турмуш жолубузду т.а. батыш дүйнө карашын жана капиталисттик мабданы коргоп согушууга даярбыз».

Арийне, Америка калкы өз эрки үчүн жана аны коргош үчүн күрөштү, мында ал кымбат жана аялуу нерселерин аяган жок. Анткени, бул калк азаттыкка ашык болгон эле жана азаттык анын аклиятынын, тутумунун бир бөлүгүнө айланып калган эле. Кийин бул калк тынымсыз аракети жана күрөшү себептүү, турмушта жана өз тажрыйбасында теңдешсиз ийгиликке жетишти. Натыйжада, анда ыкмаларды тосуу (прагматизм) т.а. аткарып жаткан ишине тескери болгон ар кандай пикирлөөнү жана иш жүргүзүүнү таштап, пикирин жана күчүн аткарып жаткан ишине гана чектөө (т.а. акыйкаттын баасын анын пайдалуулугу менен белгилөө)

пикирине кошумча эки касиет – «жаратуучулук көз карашы жана куруучулук каалоосу» пайда болду. Бул амалий пикирге кошумча түрдөгү ушул эки касиет себептүү Америка өнүгүү жолунда аракет кылып барып, бүгүнкү күндөгү улуулугун жүзөгө чыгарды. Бирок, ал капиталисттик мабда жана Европа дүйнө карашын кабыл алганы себептүү, колонизаторлук жана башкаларды өз пайдасы үчүн иштетүү анын пикирлешинин бир бөлүгү жана негизги максаты болуп калды. Себеби, батыш дүйнө карашында пайда турмуш жөнүндөгү көз караш болуп, аны Америка да өзү үчүн турмуш жөнүндөгү көз караш кылып алган. Ошондуктан, ал Англия, Франция жана капиталисттик мабданы кабыл алган ар кандай Европа мамлекети сыңары колонизатор мамлекет болуп эсептелет.

Бирок, бул колонизаторлук жактары экинчи дүйнөлүк согушуна чейин адамдарга көрүнгөн жок. Себеби, Америка колонизаторлук ишин болгону батыш жарым шарга чектеген эле. Америкада өкүм жүргүзүү капиталисттик негизге курулду жана мамлекет байлар менен капиталисттердин өкүлү болуп калды. Ал өз өкүмдарлыгын Түштүк Америкага жана батыш жарым шарда жайгашкан аралдарга кеңейте баштады. Ошондон анын колонизаторлугу жалаң жаңы дүйнөгө чектелген эле. Чыгыш жарым шарда б.а. эски дүйнөдө болсо, азаттык, азат кылуу, алсыздарга жардам колун созуу жана адамдарга жардам берүү деген сыяктуу идеялары, анын бул идеялардын күчү менен бүткүл дүйнөнү өзгөртүүгө умтулуп жатканы жөнүндө кабар берер эле. Ошондуктан, Америка эски дүйнөдө жакшы атка конду жана ага карата сүйүү жана аны улуулоо пайда болду. Бирок, экинчи дүйнөлүк согуштан кийин ал да башка колонизатор мамлекеттен коркунучу кем болбогон колонизатор бир мамлекет экендиги маалым болуп, ал өз акыйкатында көрүндү. Анда эч кандай жаңылык калбады, балким, ал жашырып келе жаткан нерселердин бети ачылып, эми сыр болбой калды.

Демек, Америка саясаты үйрөнүлүп жаткан убакта, ал колонизатор мамлекет деген этибарда үйрөнүлүшү керек. Мында анын экинчи дүйнөлүк согуштан мурунку саясаты менен андан кийинки саясатынын ортосунда айырма жок. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин жаңы абалдар пайда болуп, бул абалдар анын саясатын көрүнүш, форма, жол жана ыкмалары менен бирге өзгөртүүнү талап кылган болсо да, бирок, бул саясаттын негизи мурун кандай болсо ошондойлугунча калды. Американын экинчи дүйнөлүк согуштан мурунку саясаты батыш жарым шарды коргоо негизине курулуп, аны колонизаторлук иши төмөндөгү иштерге, т.а. капиталисттерге сүйөнө турган жана мамлекетти байлар менен ири капиталисттердин өкүлү кылууга негизделе турган капиталисттик башкаруу түзүмү боюнча өкүм жүргүзүүгө; өкүмдарлыкты Түштүк Америкага жана батыш жарым шарда жайгашкан аралдарга

жаюуга; жана дагы саясатында эркиндик пикирин жаюу, алсыз калктарга жардам берүү, колония кылынган өлкөлөрдү азат кылуу жана дүйнөнүн бардык тараптарында т.а. эски дүйнөдө эң жогорку баалуулуктарды жаюу сыяктуу иштерге чектелди. Биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштарга жаңы дүйнөнү коргоо жана колония кылынган өлкөлөрдү колониядан азат кылуу үчүн кирди. Эгер Америка биринчи дүйнөлүк согуштан кийин калктарды азат кылуу милдетин өтөөгө кудуреттүү эместигин далил кылып, өзүнүн баштапкы абалына кайтып, белгиленген саясатын алып барган болсо, экинчи дүйнөлүк согуштан кийин, өзүнүн эски абалына т.а. «америкача жалгыздык» абалына кайкан жок. Себеби, коргонуунун шарттары өзгөрүп, байлар менен ири капиталисттердин алдында эксплуатация кылуу мейкиндиги ачылып, кеңейе баштады. Ошондуктан, ал бүткүл дүйнө менен байланууга, эл аралык саясатка катышууга жана бүткүл дүйнө жүгүн желкесине алууга мажбур болду.

Эми коргонуу жактарына келсек, Америкага коркунуч Европа мамлекеттери ичинен кайсы бир ири дөөлөт Европа үстүнөн өкүмдөрлыкты колго алса, мына ошол тараптан туулат эле. Бул коркунуч анык белгиленген болуп, аны жоюу үчүн Европа мамлекеттеринин арасында күчтөрдү тең салмактуу кылуу жана эгер бул тең салмактуулук бузулса, аскердик аралашуу жетиштүү болор эле. Ал эми, экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Советтер Союзу өзүнүн кудурети менен б.а. коммунисттик фикраты менен Америка үчүн үлкөн коркунуч туудуруучу мамлекет катары көрүндү. О.э. Япония экинчи дүйнөлүк согушта Америкага коркунуч салгандыгы маалым болду. Кытай да ага келечекте коркунуч келтирип чыгарышы мүмкүн болгон күчтүү коммунисттик мамлекет катары пайда болду. Европа болсо экинчи дүйнөлүк согуштан алсыраган абалда чыкты. Чыгыш Европаны Россия басып алды. Батыш Европа болсо жалгыз өзү Европадагы тең салмактуулукка коркунуч туудуруп жаткан Советтер Союзунун коркунучуна каршы тура албай турган күчсүз жана начар абалда эле. Ушуну менен бирге, Европа мамлекеттеринин колония кылган мамлекеттеринде көрүп жаткан пайдалары капиталисттерге жана үлкөн байлык ээлерине маалым болуп калды жана Америка Европанын өзү да Америка үчүн эксплуатация кылына турган майдан болушу мүмкүндүгү жөнүндө ойлоп калды. Натыйжада, анын алдында эки жаңы жана маанилүү фактор пайда болду: экинчи дүйнөлүк согуштан кийин жаңы абалдарды жараткан «коргонуу фактору» о.э. колония кылынган өлкөлөрдө жана Европанын өзүндө Американын шилекейин агызган «эксплуатация фактору». Бул эки фактордун алдында ал кайсы жолго жүрүшүн билбей арасатта калды. Өзүнүн жалгыздык саясатына кайтыш керекпи же дүйнө саясатына катышуу керекпи? Мындай арасаттык экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан баштап, 1947-жылга чейин бирер токтомго келбестен, жаңы абалдарды

үйрөнгөн абалда уланды. 1947-жылы эл аралык майданда калууга жана башка мамлекеттер менен дүйнө саясатында жана аны башкарууда катышууга токтом кылды. Натыйжада, 1947-жылдан тартып Америка саясаты жаңы ыкмага өттү. Бирок, ал – биринчиден, мамлекеттер аралык саясатка жаңы киргендиги себептүү; экинчиден, Европа мамлекеттери кабыл алган мабданы т.а. пайдалар үстүндө күрөшүүнү о.э адам менен адам, мамлекет менен мамлекет ортосундагы мамиле нан талашуу (т.а. ким эпчил болсо нан ошого тиет) сыяктуу болушун талап кыла турган капиталисттик мабданы кабыл алганы себептүү; үчүнчүдөн, ал эски дүйнөдө улуу максаттар, жогорку баалуулуктар жана колониядан азат кылуу пикирлерин (негизи, анын өзү да колонизатор мамлекет болгондуктан, анын аракеттеринен колонизаторлуктун көрүнбөй калышы мүмкүн эмес эле) таратканы себептүү – өз саясатын жүргүзүүдө кыйналып калды жана бир нече олуттуу каталарды кетирди. Элүүнчү жылдарда жана алтымышынчы жылдардын баштарына чейин ошентип келди жана бул доорго келип өз саясатын өзгөртүп, башка саясатка өттү.

Алтымышынчы жылдарга чейин коргонуу саясатында союздар түзүү саясатын карманды жана Россиянын айланасындагы союздардан о.э. ядролуу жана ядросуз аскердик базалардан блок түздү. Ошону менен бирге, Монро доктринасын батыш жарым шарды коргоо үчүн түзгөнү сыяктуу, Түркия жана Грецияны коргоо үчүн Трумен доктринасын түздү. НАТО жана Түштүк-Чыгыш Азия (СЕАТО) союздарын түздү. Советтер Союзуна каршы тура алышы үчүн Европага жардам берүү максатында «Маршалл» долбоорун түздү. Кийин тышкы жардамдар саясатын, андан кийин коммунизмге моюн сунган калктарды азат кылуу жана аскердик-саясий союздарга кошулбаган мамлекеттер туткан кошулбоо мамилелерин күчөтүү идеясын жаратып, аны кабыл алды. Бул идеяны толугу менен Англиядан алды.

Эксплуатацияга карата болсо, тышкы жардамдар саясатын кеңейтип, колония болгон көпчүлүк мамлекеттерди өз кучагына камтып алды. Төңкөрүштөр уюштуруу, ойрон кылуу, кыйроогерчиликтерди ишке ашыруу жана келишимдерди сатып алуу сыяктуу бирөөнүн колу менен чок кармай турган баскынчылык саясатын активдүү саясат катары колдонду. Бул саясатты бир нече мамлекеттерде жүргүздү. Муну менен Америка батыш жарым шардын тышкарысында үлкөн коргонуу жоопкерчиликтерин о.э. Европа, Азия жана Африкада экономикалык жоопкерчиликтерди өз үстүнө алды. Бул аскердик жана саясий жоопкерчиликтерди көтөрүүгө ыраазы болуп, өз саясатында эч бир чарчоо жана алсыздык эмнелигин билбей турган кайрат жана күч менен аракет кылды жана ага өтө киришип кетти.

Бирок, ал бул саясатта бирер жерде ийгиликке жетише албады. Ыраакы Чыгышта ийгиликке жетише албаганы сыяктуу, Жакынкы Чыгышта да, Европада да, Африкада да ийгиликсиздикке учурады. Туюк көчөлөргө

кирип калып, олуттуу каталарга жол койду жана туура жолду таба албай калды. Булардын баары аны бул саясатты үйрөнүп чыгууга жана жаңы саясатты белгилөөгө мажбур кылды. Ошентип, Америка 1961-жылдан азырга чейин мына ушул жаңы саясатты алып барууда.

Мунун негизги себеби, эң биринчиден, Англиянын Америкага жана анын саясатына карата көрсөтгөн мамилесине, экинчиден, Франциянын, Азия жана Африка, ал тургай, Европадагы башка калктардын көрсөтгөн мамилесине барып такалат. Мындай дешибиздин себеби, Англия өзү менен Американын ортосундагы өзгөчө алакалардын жардамында, Американы, Францияны жана Европадагы башка мамлекеттерди коммунисттик дүйнө – эркин-азат дүйнөгө жана батыш дүйнө карашына – коркунуч туудуруп, кооп салып жатканына ишендире алды. Муну менен эл аралык саясат – дүйнө эки лагерден: Россия башчылыгындагы коммунисттик лагерден; жана Америка башчылыгындагы капиталисттик лагерден б.а. азат дүйнөдөн турат – деген негизге курулду жана ошентип, Америка үстүнө азат дүйнөнү коргоо жоопкерчилигин жүктөп коюп, Россия жана коммунизм үчүн аны тогонок кылып койду. Кийин Россия менен Америка ортосунда – эки лагерь ортосунда – суук согуш отун жакты. Натыйжада, Америка Корея согушуна аралашып калды жана бул согушту өз желкесине алды. Бул согуш эки лагерь ортосундагы согуш болушуна карабастан, Англия Америкага каршы, Кытай менен Россиянын пайдасына жашыруун иштерди ишке ашырды. Кийин Американы кыйын акыбалга түшүрүп коюу жана күчсүздөндүрүү үчүн, ар түрдүү иштерди ишке ашыруга уруна баштады. Бул иштер Американы абдыратып койду. Америкада кризистер башталып, ал кыйын акыбалга түшүп калды. Натыйжада, Берлин жана Женева конференциялары сыяктуу жогорку даражадагы конференциялар болуп өттү. Россияга каршы вужудка келтирилген «түндүк альянс» да Жакынкы Чыгыш коргонуу союзун түзүү туурасындагы Англиянын урунууларын кыйратуу максатында, «Анлия-Багдад пактын» ???түздү. Германия айланасында жана Батыш Европа айланасында катуу күрөштөр болду. Англия Африкадагы Конго, Түндүк жана Түштүк Родезия ж.б. мамлекеттерде Америка жолуна тоскоолдуктар койду. Дал ушундай тоскоолдуктарды Палестина, Чыгыш Иордания, Сирия, Египет сыяктуу Жакынкы Чыгыш мамлекеттеринде да койду.

Францияга келсек, ал англичандардын урааны акыркы француз аскери калганга чейин согушуу экенин жана Америка «Маршалл» долбоору аркылуу бүткүл Европаны өзүнө көз каранды кылып алганын, Франция жана Европа мамлекеттеринен бири болгондуктан ал да Америкага көз каранды кылып коюлганын билер эле. Француздар өздөрүнүн улуулуктарын туюп, тарыхын кайра тирилтүүнү каалар эле. Ушуга караганда, алар Америкадан да, Англиядан да ажыроо зарылдыгын, айрыкча, Европа мамлекеттерине жетекчилик кылууга урунуу

зарылдыгын, «Маршалл» долбоору Американын Европага өз өкүмдарлыгын жайышы үчүн бир ыкма болушуна карабай Европаны тирилтип, бутка тургузганын сезишкен эле. Ошондуктан, Франция анык жол таба албаган жана Америка зулумунан кутулууга урунган абалда жүрдү. Акыры Де Голл келип, өзүнүн жаңы саясатын баштады жана Францияны иш жүзүндө Америкадан ажыратып алды. Англия менен өзүн теңдеш деңгээлде тутту. Америка менен Россиянын ортосунда Англия эмес, балким, Европа үчүнчү күч болушуна уруна баштады. Кийин Россияга жакындашууга аракет кыла баштады. Муну менен Американын Европадагы позициясы жана Россияга карата туткан позициясы күчсүздөндү.

Франциянын мамилеси жана Англиянын Европадагы оюндары о.э. «Маршалл» долбоору себептүү, Англиядагы жана Европадагы абал бүтүндөй өзгөрдү. Т.а. экинчи дүйнөлүк согуштан кийин эгемендүү үммөт болуп калууга кудурети жетпеген жана Россиянын шыпырып ташташына бута болуп калган жана Советтер Союзу оңой-олтоң жутуп жиберишине жакын калган Европа, айрыкча, Англия, Франция жана Италия Американын жардамдары себептүү, мамлекет жана үммөт болуп бутка турушту жана күчөнүп алышты. Кийин саясий майданда Америкага муктаж болбой, андан алыстай баштушты. Европадагы экономикалык майдандан да Американы сүрүп таштоого аракет кыла баштушты. Аскердик майдан болсо анык болбогон абалга түшүп калды.

Булар жалпысынан алганда Европага, өзгөчө алганда Англия менен Францияга карата келтирилген тыянактар. Эми Азия менен Африкадагы колония кылынган калк жана улуттарга тийиштүү абалдарды баяндайлы. Американы колония кылынган жерлерди азат кылуу жана аларды эгемендүү мамлекеттерге айлантуудагы саясаты аны менен колонизатор мамлекеттердин ортосундагы аёосуз күрөштөргө алып барды. Бул калктардын көпчүлүгү аскердик өкүмдарлыктан азат кылынгандан кийин, аскерий, саясий жана экономикалык өкүмдарлык көрүнүшүндөгү колонизаторлук эми саясий жана экономикалык көрүнүшкө айланды. Бирок, бул калктардын көпчүлүгү Англия менен Франциянын көлөкөсүндө калды. Америка бул калктардын азыраак бөлүгүнө гана өкүмдарлык кылууга жетишти. Мисалы, Алжир, Тунис жана Марокко Франциядан азат болгону менен, бирок, Англиянын өкүмдарлыгы астына түшүп калды. Адан, Суматра жана Малайя аралдары аскерий жактан азат болгону менен, экономикалык жана саясий жактан Англияга колония болгон боюнча кала берди. Ошентип, калк жана улуттардын көпчүлүгүндө аларды колония чеңгелинен бүтүндөй азат кылууда да, аларды Американын кол астына өткөзүүдө да Америка саясаты ийгиликке жетише албады. Болгону колдон чыгайын деп турган Египет, Сирия жана Судан сыяктуу абдан аз жерлерде гана ийгиликке жетишти. Кийин кошулбоо

саясаты күлкүлүү сахнага айланды. Ал тургай, Англия менен Франциянын таасири даана көрүнүп турган мамлекеттер да өздөрүн «кошулбаган» жана «кошулбоонун жактоочусу болгон» мамлекеттер деп этибар кыла башташты.

Муну менен Американын Европа, Азия жана Африкада алып барган саясаты акыры барып ийгиликсиздикке учурады. Себеби, колония кылынган калктарды колонизатор мамлекеттердин колунан сууруп алып, өзүнө колония кыла алган жок жана бул мамлекеттерди колония сыйыртмагынан да куткара алган жок. Европаны Советтер Союзуна жана чыгыш лагеринин жолуна тогонок кылмакчы эле. Бирок, Европа, айрыкча, Англия менен Франция Америкага каршылык кыла турган жана аны менен тең тайлаша турган мамлекеттерге айланып калды. Американын курал-күчү болуудан баш тартты, атүгүл, Америка менен бир сапта батыш лагери болуудан баш тартты.

Американын Россияга караткан саясаты да эки себептин нагизинде ийгиликсиз болду. Биринчи себеп Россиянын абалы жана саясатынын өзгөрүшү болсо, экинчи себеп Америкага союздаш мамлекеттердин өздөрү кирген союзга жана Америкага калыс эместиктери эле. Биринчи себептин деталдарыына токтоло кетсек, алар төмөндөгүлөр: Россия атомдук жана водороддук бомбаларды иштеп чыкты жана ядролук куралдар жаатында алдыга чыгып алды. Континенттер аралык ракеталар тармагында да Америкадан ашып кетти. Муну менен эки лагерь, анығыраагы, эки мамлекет ортосундагы аскердик күчтүн тең салмактуулугу бүтүндөй өзгөрдү. Мурун Америка атомдук курал жаатында Россиядан алдыда болсо, эми Россия ага бул жаатта, айрым тармактарда өтүп кетпеген болсо да, негизинен теңдешип алды. Бул учурга келип «күчтөр таразасы» «коркутуу таразасы»на айланды. «Атом коопсуздугу»нун ордуна «атом коркунучу» келди. Америка менен Россиянын кудурети массалык атом согушунда бири-бирин ойрон кылуу жагынан теңдешти. Мындан сырткары, Россия НАТОго каршы Варшава келишимин түздү. Кийин башка келишимдерге чабуул кыла баштады. Ал тургай, алардын мүчөлөрүнүн бул келишимдерге болгон ишенимдерин азайтты. Элдердин көзүнө бул келишимдерди акаарат кылуу, уят жана батыш колонизаторлугун түбөлүктөштүрүү деп көрсөттү. Бул келишимдер өз ээлерине коркунуч туудура баштады. Аларды атомдук согуштун акыбеттеринен жана өз кезегинде бул келишимдердин акыбеттеринен коркуу туйгусу курчап алды. Ошентип, бул келишимдер өз баасын жоготту жана Американын коргонуучулук саясатында пайдасыз болуп калды.

Мындан сырткары, Советтер Союзунун саясаты бүтүндөй өзгөрдү. Мурда бул саясат аскердик коркутууларга сүйөнгөн болсо, эми саясий иштерге сүйөнө баштады. Кыйыр жана тикелей аскердик коркутуулар ыкмасынан

баш тартып, Советтер Союзунун өйдө экендигин жана коммунисттик болбогон дүйнөдө Советтер Союзунун техникалык жана экономикалык жактан жетишкен утуштарын жол кылып, коммунизмди сиңдирүү ымасын колдоно баштады жана экономикалык, аскердик жактан жардамдашуу саясатын баштап жиберди. Коммунисттик болбогон дүйнөнү Советтер Союузунун таасирине моюн сундуруу жолунда ушул саясатка сүйөндү. Европага мамилеси болсо төмөндөгүчө болду. Чыгыш Европаны өз чеңгелинде бекем кармады жана анын калкына Американын коммунизмге моюн сунган калктарды азат кылуудагы саясаты ийгилик таппаганын сездирди. Англияга жакшы мамиле кылып, Франция менен алакалар орнотууга аракет кыла баштады. Батыш Берлин жана Батыш Германияны алсыратууга урунду. Алтымышынчы жылдар башталбастан Россиянын кудурети абдан күчөдү жана бүткүл дүйнөгө, айрыкча, Америкага болгон коркунучу этибарга ылайыктуу болуп калды.

Муну менен Америкага өзүнүн түзгөн саясатынын каталыгы даана көрүндү жана ал бул саясатты уланта берүү коркунучтуу экендигин түшүндү. Ошондон кийин жаңы саясат иштеп чыкты, бул өзгөрүү Эйзенхауэрдин бийлигинин акыркы убактарына туура келди. Кийин бул саясаттын негиздөөчүсү Долс дүйнөдөн кайтты. Натыйжада, Америка абалды үйрөнүү жана жаңы саясат иштеп чыгууда айтарлык алдыга жыла албады. Мындай абал Жон Кеннеди АКШга президент болгонго чейин улантылды. Ал келип америкалыктар пикирлеп жаткан бул жаңы саясатты кабыл алды жана ага тунук түшүндүрмө берди. Кийин Россия менен Эйзенхауэр доорунда баштаган жашыруун алакаларды толукташтырууга киришти. 1961-жылы июнь айында Хрущев Кеннеди менен жолугушту жана Россия менен Американын ортосунда жашыруун келишимдер түзүлдү. Ушул доордон баштап Америка дүйнөдө мурунку саясатынан башка болгон жаңы саясатка кадам таштады.

Бул саясат жана Россия менен Америка ортосунда түзүлгөн жашыруун келишимдер сырдуу бойдон калгандыктан, ал жөнүндө түшүндүрмө берүү да, же аны жалпы түстө баян кылуу да кыйын болду. Буга анын жашыруундуулугу жана максаттарын ашкере кылбаганы себеп болгон. Бирок, бул эки мамлекет (Россия менен Америка) келишимдерди аткарууда иш жүзүндө бир нече кадамдар ташташты. Бул кадамдар эл аралык абалды эки лагерь абалынан – эки мамлекет абалына; о.э. Америка менен Россия ортосунда касташуу абалынан – бири-бирине жакындашуу абалына көчүрдү. Ал тургай, бул жакындашуу, АКШ президенти Никсон 1972-жылы май айында Москваны зыярат кылгандан кийин, ачык достук даражасына көтөрүлдү. Ошондуктан, эми Американын жаңы саясатын жарытуу жана баян кылуу мүмкүн болуп калды.

Маалым болгондой, Американын дүйнөдө алып барып жаткан саясаты эки ишке негизделет. Биринчиси, Америкага коркунуч сала турган же

салышы мүмкүн болгон ар кандай коркунучтан аны коргоо. Экинчиси, калк жана улуттарды Америка кызыкчылыктары үчүн эксплуатация кылуу. Бул эки негизге бирер өзгөртүү киргизилишинин да жана Америка саясатынын алардан башка негизге курулушунун да ыктымалы жок. Ушул негизден келип чыгып о.э. жүз берген окуяларды жана Америка колдонгон ыкмаларды талдап көрүп, анын жаңы саясаты төмөндөгүчө болуп калгандыгын көрөбүз:

1. Коргонуучулук саясатында ар кандай башка кубатты эсепке алуудан баш тартты жана анын коргонуучулук саясаты жалгыз өзүнө жана өз кубатына гана сүйөнө турган болду. Ошондон кийин шартнама, бүтүм жана аскердик келишимдер кудум эч качан болбогондой бекер кылынды. Аскердик базарлардын баарынан баш тартты. Мунун себеби, анын Европада тең салмактуулукту бузуп жаткан мамлекетке т.а. Россияга карата туткан саясаты душманчылык эмес, достук саясатына айланганы эле. Эми ага сокку берүү жана коркунучту тосууга зарылдык калбады, балким, Россия союзду бузган күндө Америкага өзүн-өзү коргоо үчүн мүмкүнчүлүк бере турган коргоо абалдарын жаратууга чектелинди. Т.а. Америка бүтүндөй коопсуздук саясатынан салыштырмалуу коопсуздук саясатына өттү. Ушунун негизинде, эки мамлекет ортосунда күчтөр тең салмактуулугун сактоо үчүн, биринин экинчисине согуш ачышына мүмкүнчүлүк бере турган куралдар алкагында сүйлөшүүлөр башталды жана азыр да улантылууда. Американын коргонуучулук саясаты өз күчтөрү менен Россия башчылыгындагы коммунистик мамлекеттердин күчтөрүнүн ортосунда тең салмактуулукту пайда кылуу болуп калды. Европа мамлекеттери ортосунда да күчтөрдү тең салмактуу кылуу жана Азия мамлекеттери ортосунда да күчтөрдү тең салмактуу кылуу саясатын таштады.

2. Россиянын кеңейишин, же Кытайдын кеңейишин тосууга тиешелүү саясатынан баш тарты. Американын кеңейиши мүмкүн болгон жана Россиянын кеңейиши мүмкүн болгон региондорду жана Американын кеңейиши мүмкүн болбогон жана Россиянын кеңейиши мүмкүн болбогон региондорду белгилеп койду. Бул аркылуу Россия менен балекеттүү шахмат оюнуна кирди. Себеби, Россия кеңейүүгө акысы болбогон регинго кеңейсе, аны менен Америка оростосунда о.э. Америка да акысы болбогон регионго кеңейсе, аны менен Россия ортосунда согуш коркунучу пайда болмок. Ал эми, Америка менен Россиянын ар биринин мүмкүн болгон региондорго кеңейиши ыраазылык менен, же спорт таймашына окшоп ишке ашат. Бул да алардын араларында кагылышууга, бул кагылышуу болсо, тартышуу жана жаңжалга эле эмес, балким, эки дөөнүн ортосундагы согушка алып барышы мүмкүн эле. Ушул себептен улам, Американын бул орундагы жаңы саясаты балекеттүү шахмат оюну деп этибар кылынат. Бул доорго келип, Америка менен Россиянын ортосунда

атомдук согуш чыгышынын ыктымалы Американын мурунку саясатындагыдан көрө күчөдү. Себеби, мамлекеттердин тең салмактуулугу же эл аралык тең салмактуук саясаты эки мамлекет ортосунда күчтөр тең салмактуулугу саясатынан көрө согуштан сактануу үчүн о.э. эки мамлекет ортосунда «спорттук таймаш» саясаты себептүү кагылышуу чыгышынын факторлорун жок кылуу үчүн көбүрөөк ылайык келер эле.

3. Америка ядролук куралдарга өзү менен Россия гана ээ болушу керектиги саясатын алып барды жана башка мамлекеттерди бул куралдарды иштеп чыгаруудан тыйып коюуга аракет кыла башталды. Т.а. Россиядан башка күчтүн коркунучунан сактануу үчүн, Европа же коммунистик мамлекеттердин ичинде өсүшү ага коркунуч туудура турган ар бир мамлекетке сокку берүү эрежесин кабыл алды. Ал Кытайды о.э. Англияны кеңейүүдөн жана кудурети күчөшүнөн тыйып коюуга аракет кылды. Ошентип, башка мамлекеттердин Америкага коркунуч туудурбай турган абалда турушу Американын коргонуучулук саясатынын бир бөлүгүнө айланды.

Дүйнөдөгү аскердик базаларды, алардын катарында Англиянын аскердик базаларын жоготуу; ар бир калкка эгемендигин берип, аны толук күнкорсуз мамлекет кылуу аркылуу колонизаторлукту бекер кылуу; дүйнөнүн кайсы регионунда болбосун, өзүнүн жана Россиянын өкүмдарлыгынан башка ар кандай саясий жана экономикалык өкүмдарлыкка каршы күрөшүү; ар кандай мамлекеттин турмуштук иш-аракет майданын белгилүү бир чөйрөгө чектөө; экономикалык майданды соода, өнөржай жана дыйканчылык сыяктуу эл аралык мыйзамга дал келе турган жана уруксат берилген иштерге чектеп коюуга урунуу; ар кандай мамлекеттин саясий иш майданына, ал каерде пайда болбосун, сокку берүү; өзү менен Россиянын ортосунда келишилген региондорду кошпогон абалда ар бир жерде чет элдиктердин таасирин омкоруп таштоо жана анын пайда болушун тыйып коюу – булардын баары ушул саясаттын мөмөлөрү болуп эсептелет.

4. Дүйнөдө куралсыздандырылган (демилитаризация кылынган) региондорду пайда кылуу жана андагы мамлекеттерге жалаң ички коопсуздукту камсыздоо жана чектелген коргонуу үчүн гана зарыл болгон куралдар менен куралданууга мүмкүнчүлүк берүү, куралсыздандырылган региондордон тышкарыдагы кээ бир мамлектердин да куралданууларын чектеп коюу жана башка мамлекеттер үчүн курал сатууга оор шарттар коюу, булардын баары Америкага коркунуч сала турган ар кандай күчтү тыйып коюу саясатына кирип о.э. булардан Россияга Германия жана Ортоңку Европа мамлекеттеринен, ал эми Америкага болсо Япония жана Ыраакы Чыгыштан келе турган кооптун алдын алуу да көздө тутулган.

Булар Американын коргонуучулук саясатына тиешелүү болду. Анын эксплуатация кылуу саясатында, аныгыраагы, колонизаторлук саясатында болсо, болгону Европага карата гана өзгөрүү болгонун көрүү гө болот. Анткени, «Маршалл» долбоору аягына жетти. Европа мамлекеттеринин Америкага муктаждыгы калбады. Ал тургай, ага каршы туруп, аны Европадан кууп чыгарууга уруна башташты. Бирок, Америка Европага көрсөтүп жаткан жардамдарын т.а. аны күчөтүү үчүн берип жаткан жардамдарын эми аны эксплуатация кылуу максаттарына каратылган келишүүлөргө алмаштырды. Бул болсо анын соода жана акчага тиешелүү саясаттарында көрүндү. Европа менен Америка мамлекеттери ортосунда экономикалык жактан күрөш өзүнүн эң жогорку чекитине жеткен болсо да, бирок, Америка Европага экономикалык өкүмдарлыгын өткөзүүгө урунуп келүүдө. Анткени, Америка доллары Европа үстүнөн акча өкүмдарлыгын орнотууга кудуреттүү болуп келүүдө. Америка соодасы Европада өнүгүүдө. Европа компаниялары дагы деле Америка таасиринен чыгып кете албай жатат.

Ал эми, Азия жана Африкага карата болсо, Америка саясаты так ушул колонизаторлук саясаты бойдон калууда. Бул абал төмөндөгү иштерде көрүнөт:

Биринчиси, колониядан азат кылуу саясаты (бул саясат колония кылынган мамлекеттерди азат кылууну жана аларды эгемендүү мамлекеттерге айлантууну талап кылат). Кийин бул мамлекеттерге малай акимдер аркылуу, алар өз малайлары болобу же эгемендүүлүк берген колонизатор мамлекеттин малайлары болобу, алар аркылуу өз таасирин өткөзүү саясаты. Американын Адан, Перс булуңундагы шейхтиктерде жана Түндүк Африкада кылган иштери буга жаркын далил боло алат. Анткени, Египет менен Судан акимдери өз малайларынан болсо, ал эми, Булуң шейхтери жана Адандагы акимдер ал жерлерди колония кылган мамлекеттин т.а. Англиянын малайлары. Марокко, Тунис жана Ливия акимдери бул мамлекеттерди колония кылган мамлекеттен башка мамлекеттин малайлары. Ушуга карабастан, Америка ошол мамлекеттерге кирүүгө жана аларга жалгыз өзүнүн саясатын өткөзүүгө аракет кылууда, анын иштери Ливиядан көрө көбүрөөк Египетте ийгиликке жетишкен болсо да.

Экинчиси, экономикалык жардамдар. Алар ар кыл болсо да, алардан көздөлгөн максат бир, ал да болсо жардам алып жаткан мамлекетти жакырдантуу жана аны Америкага байлап коюу. Мында жардамдар жакырдантуу жана жардам алып жаткан мамлекет үстүнөн экономикалык жана саясий өкүмдарлыкты орнотуу үчүн жол болот. Карыздар жана өнүктүрүү үчүн берилип жаткан жардамдар жана башка ушул сыяктуу нерселер дал ушул максатка алып барат. Жардам алган мамлекетти

жакырлаштыруу ага экономикалык жана саясий өкүмдарлыкты жаюу үчүн кызмат кылат.

Үчүнчүсү, аскерий жардамдар. Бул жардамдардан эки нерсе көзтө тутулат: Америка ишканалары үчүн базарлар ачуу жана жардам берилген мамлекеттин каражатын темир-тезек болуудан башкага жарабай турган курал-жаракка бейпайда сарптоо. Бул жардамдардын коркунучу мамлекетти ар дайым тынчсыз абалга түшүрүп коюуда көрүнөт. Бул болсо Жакынкы жана Ортоңку Чыгышта болуп жаткандай, үзгүлтүксүз курал-жарак алып келип туруу үчүн дайымый түрдө жасалма согуштарды келтирип чыгаруу менен, же төңкөрүү жана ойрон кылуу аракеттерин пайда кылуу менен болот. Бул иштер мамлекетти, жакырдантуу жана каражатын бейпайда сарптоо менен бирге, тартипсиздик жана тынчсыздык ийримине түшүрүп коёт. Ошентип, эконономикалык жардамдар экономикалык жана саясий өкүмдарлыкты жаюуга алып келсе, ал эми, аскердик жардамдар болсо буга кошумча түрдө, жардам берилип жаткан мамлекетти жакырданууга жана аны тартипсиздик менен тынчсыздык абалына түшүп калышына алып келет.

Төртүнчүсү, иштеп чыгаруу ишканалары алар нефть компаниялары сыяктуу дал ушул Американын ишканалары болобу, же ага көз каранды болгон башка мамлекеттер – Германия, Япония жана Италия менен биргелеше түзүлгөн кошмо ишканалар болобу, же ага атаандаш болгон Англия жана Франциянын кошмо ишканалары болобу, бул ишканалар Америка үчүн мамлекетте экономикалык жана саясий өкүмдарлыкты орнотот. О.э. адамдар жана мамлекеттерди Америка компаниялары жана байлары үчүн иштетүүгө жол болот.

Бешинчиси, саясий жана пикирий чалгытуу. Саясий чалгытуу эки иште көрүнөт. Биринчиси: улутчулдук жана мекенчилдик чүмбөтү астында т.а. колонизаторлукка каршы күрөш чүмбөтү астында, максатын өз малайлары аркылуу жүзөгө чыгарат. Бул Египет, Конго, Индонезия жана башка жерлерде жүз берген аракеттерде даана көрүндү. Экинчиси: Америка жергиликтүү калктын пайдасы үчүн амалий иштерди кылат. Мисалы, Каир, Бейрут жана Анкарадагы Америка университеттери, деңиз суусун таза суу кылуу, суу долбоорлору жана башкалар ушулардын катарына кирет. Пикирий чалгытууга келсек, Америка негизинен азаттык жана социализм идеологияларынан пайдаланып, «азат кылуу», «социализм» жана «өнүгүү» пикирлери менен адамдарды алек кылды. Аларды түрдүү пикирлер тарабында туруп өз ара согуша турган топторго бөлүп жиберди. Муну менен аларды өнүгүүнүн чыныгы жолунан буруп жиберди. Ошондуктан, азаттык, социализм жана өнүгүү пикирлери Америка колонизаторлук саясатында колдонгон эң маанилүү жолдор болду, ал эми башка мамлекеттер үчүн болсо эң кооптуу иштер болду. Социализмди көтөрүп чыгып жаткан мамлекеттерге бир назар таштоо бул пикирлер

мамлекеттердин артта калышына жана жолун таба албастан адашып жүрүшүнө кандай таасир көрсөткөнүн билүү үчүн жетиштүү болот.

Мына ушулар Американын Азия жана Африкага карата алып барып жаткан саясаты т.а. булар калктарды эксплуатация кылууда Америка жүргүзүп жаткан саясат б.а. Американын колонизаторлук саясаты. Ал өтө жашыруун жана жийиркеничтүү саясат болуп, калктарды өзүндө ыктыяр калбай турган абалга салып, колонизаторлук чеңгелине түшүрүп коёт. Ал тургай, алар Америка өкүмдарлыгы астына кирүүгө кудум түнкү көпөлөк отко умтулгандай умтулуп калышат. Ошондуктан, ага каршы күрөшүү колонизаторлуктун башка саясаттарына каршы күрөшүүдөн мушкүлүрөөк. Бирок, бул саясаттардын акыйкаты түшүнүлсө, ушуну менен бирге, анын жаңы коргонуучулук саясаты түшүнүлсө, ошондо гана Американын колонизаторлук саясатына сокку берүүгө, кала берсе, анын бардык саясатына сокку берүүгө мүмкүн болот. Мына ошондо гана Американы бүтүндөй кууп чыгууга жана аны эски акыбалына кайтарууга, атүгүл, колонизатор мамлекет катары бир да таасир жана маанисин калтырбай турган чечүүчү сокку берүүгө мүмкүн болот.

# Франция саясаты

Франциянын негизги саясаты улуулук саясаты. Мына ушул фактор Франциянын бардык саясий иштери үчүн негиз болуп саналат. Арийне, ал алып барып жаткан сасий иштер ушул улуулук негизине курулат. Анын колонизаторлук ишин улуулук саясаты кыймылга келтирет. Ал колония кылуу жана басып алууга киришкен убакта, улуулук саясаты негизинде аракет кылат. Колонияларынан баш тартууга шашылбаган жана алардан кечип кетүүгө каршы чыккан убакта, аны буга улуулук саясаты үндөгөн эле. Францияны Германия басып алганына жана ал бул баскындан күчсүз абалда чыкканына карабастан, өз вужудун жаңыдан тикелөө аракетине түштү жана дагы кайрадан улуу малекет болууга умтулду. Бул иштерди да улуулук саясатына негизделип алып барды. Франция Англия менен Америкадан өз вужудун кайра куруу үчүн жардам суроого урунганда да, Англияга ат салышууну жана Америкага тескери иш алып барууну баштаганда да, бул саясатынын талабына ылайык аракет кылган эле. Демек, улуулук саясаты анын негизги саясаты.

Экинчи дүйнөлүк согуштан мурда жана кийин Франция эки иш менен алек болду. Биринчиси, Евпропадагы абалы; экинчиси империялык абалы т.а. өз колонияларын сактап калуу абалы. Географиялык абалына келсек, ал Европадагы географиялык ордуна карай, ар дайым Германиядан коркчу эле жана Англияны да эсепке албай ылаажысы жок эле. Ошондуктан, ал ушул эки мамлекеттен кабатырланчу. Германиянын Францияга бастырып келишинен, Англиянын Европага өкүмдар болуп алышынан коркчу. Ошондуктан, бардык иштерин, саясаттарын чек

араларын коргоо жана Европада күчтөр тең салмактуулугун сактап калуу негизинде алып барат. Франциянын Европадагы саясаты ушул эки негизге т.а. чек араларын коргоо жана Европанын жетекчиси болууга умтулуу негизине курулган. Эми Франциянын империялык абалына келсек, Франция дүйнөдө илгертен басып алуу жана колония кылуу иштерин алып барган. Натыйжада, ал Азияда Сирия жана Ливан, Африкада Түндүк Африка өлкөлөрүн, Сенегал, Сомали, Гвинея жана башка мамлекеттерди, Ыраакы Чыгышта болсо, Индокытай мамлекеттерин колония кылды. Экинчи дүйнөлүк согуш болуп өтүп, Франция андан кыйрап чыккандан кийин, Англия менен Америкадан колонияларын сактап калуу үчүн жардам алууга уруна баштады. Колониядан азат болуу пикири таркалганына жана колония кылынган мамлекеттерди азат кылуу БУУнун башкы саясаты болуп калганына карабастан, Франция колонияларын колдон чыгарбоого катуу аракет кылды. Акыры, ал өз колонияларынан күч жана эл аралык басым аркылуу чыгарып ташталды. Ушуга карабастан, Франция улуулук саясаты артынан жүргөндүктөн, анын саясаты дагы деле эки негизги факторго негизделүүдө. Алар: Франциянын эл аралык абалы т.а. анын Европадагы абалы, о.э. империялык абалы т.а. колонияларына карата абалы. Демек, Франция улуулук саясатында жүрүшүн улантууда.

Франция колонизатор мамлекет болсо да, Англия менен Америкадан айырмаланат. Англияда асылзаадалар тобу чыныгы өкүмдарлар. Алар чыныгы өкүмдарлыкты асылзаадалар колунда сактап калуу үчүн, жалпы элдик жана массалык пикир чүмбөтүнө оронуп алышкан. Англияда колонизаторлук тарабы материалдык эксплуатация кылуудан турат. Бул эксплуатация улуулук үчүн эле эмес, балким, элдердин кандарын соруу жана колония кылынган мамлекеттин байлыктарын талап-тоноо үчүн да кылынган. Англия пикирий жана илимий жактар менен алектенгени менен, бирок, алар менен колония кылуу үчүн т.а. өкүмдарлык үчүн, айрыкча, саясий өкүмдарлыкты вужудка келтире турган экономикалык өкүмдарлык үчүн курал катары алектенет. Америкада болсо, бийликти капиталисттер жана ири байлык ээлери болгон компаниялар жана жеке адамдар башкарат. Акимдер ким болушуна карабастан жана кайсы партиядан келгенине карабастан, ушул милдетти өтөйт. Бул башкарууну жалпы элдик чүмбөт менен ороо жана ага массалык пикир аркылуу жетишүү Америка өз тагдырын белгилеген жана азыр да белгилей турган элдерден түзүлгөндүгүнөн келип чыккан. Бирок, капиталисттик мабда Америка калкынын мабдасы экенин жана капиталисттердин чеберчилиги бул жалпы элдик пикир бийлик башында жалаң капиталисттердин өкүлдөрү болушуна токтом кылышын камсыздады. Ошондуктан, Американын колонизаторлук саясатында экпслуатация кылуу жактары т.а. өкүмдарлыкты, айрыкча, саясий өүмдарлыкты вужудка келтире турган

экономикалык өкүмдарлыкты орнотуудан турган колонизаторлук жагы даана көрүнүп турат. Америка пикирий жана илимий жактар менен алектенгени менен, бирок, алар менен эксплуатация кылуу үчүн курал катары алектенет. Ал Американын атак-даңкын, Американын улуулугун пайда кылуу үчүн иш алып барса да, бирок, муну материалдык эксплуатация т.а. элдердин канын соруу жана байлыктарын талап-тоноо максаттарын көздөй багыттандырат. Франциянын саясаты болсо, улуулук саясаты. Улуулук материалдык күч-кудурет жана экономикалык байлык менен вужудка келсе да, бирок, мында колонизаторлук жагы болгону аскердик, экономикалык жана саясий өкүмдарлыкты орнотуунун өзүнө гана чектелбейт, балким, Франция буларга дагы сакофий өкүмдарлыкты да кошот. Ал сакофий жана пикирий өкүмдарлыкты колдон чыгарбоого аскерий, саясий жана экономикалык өкүмдарлыктардан көрө көбүрөөк көңүл бурат. Ошондуктан, ал күч жана кысым астында аскердик өкүмдарлыктан баш тартууга мажбур болгондо, экономикалык жана саясий өкүмдарлыгын колдон чыгарбоого аракет кылды. Күч жана эл аралык басым аркылуу колонияларынан чыгарып ташталганда, сакофий жана пикирий өкүмдарлыкты колдон бербөөгө артыкча даражада этибар берүүнү улантты. Ошондуктан, ал колониядагы мамлекеттер менен сакофий алакаларын сактап калууга аракет кылып келүүдө. Арийне, сакофий өкүмдарлык Француз колонизаторлугунун негизи. Мунун себеби, Франция өзүн бүткүл дүйнө боюнча сакофат-билимдин негизи деп эсептейт. Ал XIX кылымда дүйнө сакафатка карай бара жатканда, Франция сакофий дүйнөнүн борбору болгон деп билет. О.э. француз пикири саясат, илим, адабият жана таалим-тарбиялар аркылуу бардык жерге таралган, француз козголоңу дүйнөдө азаттык пикирин пайда кылган жана Наполеон аскерлери бул пикирди Европа, Египет жана башка жерлерге алып барган, Европа жана Латын Америкасы элдери Наполеондун мыйзамынан пайдаланган, француз тили эл аралык конференцияларда өкүмдар тил болгон жана ар бир билим үйрөнүүчү үчүн экинчи эне тил болуп калган, Франциянын философтору, мутафаккирлери, аалымдары жана адабиятчылары бүткүл дүйнөдө инсаний жана илимий-маърифат жол башчылары болуп таанылган деп билет. Ошондуктан, сакофий жак Франциянын эң кымбат баалуу мурасы болуп эсептелет. Ушул себептен улам, Франциянын дүйнө менен болгон сакофий алакалары эң маанилүү алакалар болуп эсептелет. Анын күч жана чабуул жактан мааниси аскердик кемелер, кошуундар жана үлкөн байлыктардан кем эмес. Сакофий жак – француз чабуулундагы жана француз колонизаторлугундагы негизги байлык. Дүйнөдө Франциянын бул сакофий алакаларын өчүрүп таштоо үчүн жетиштүү негиз пайда болду. Ушуга карабастан, ал бул алакаларды бекем кармап, колдон чыгарбоого аракет кылып келүүдө. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин

Франция экономикалык жана саясий жактан согуштан мурунку абалына караганда күчсүздөнүп кеткенине, башка тилдер, мисалы, англис тили конференциялар жана эл аралык сүйлөшүүлөрдө француз тилинин ордун тартып алганына о.э. колонияларында француз пикири менен французча жашоо образынын ортосунда карама-каршылыктар көрүнүп калганына жана башка факторлор пайда болуп калганына карабастан, дүйнөдө Француз сакофаты өкүмдар деген пикир Франциянын жүрөгүндө бекем орношкон бойдон калууда. Азырга чейин француз акылы бул пикирди жокко чыгарып болбой турган ачык акыйкат деп кабыл алып келүүдө жана ал Франциянын саясий иштерин башкара турган рухий факторго айланды. Ушундан көрүнүп тургандай, француз колонизаторлугу башка колонизаторлуктардан сакофий өкүмдарлыкка да этибар бериши менен артыкчылыкка ээ болуп турат. Сакофий өкүмдарлык бардык колонияларда бар. Анткени, колония кылуу дегени – күчсүз мамлекеттер үстүнөн аскердик, экономикалык, саясий жана сакофий өкүмдарлыкты орнотуу дегени. Эгер колонизаторлор ушул өкүмдарлыктардын бирин алып таштоого мажбур болуп калышса, башкаларын бекем кармашат. Акыркы өкүмдарлыкты колдон чыгарганга чейин абал ушундайча улантылат. Бирок, француз колонизаторлугу сакофий өкүмдарлыктан баш тартуу туурасында талкуугa да, ага моюн сунууга да ыраазы болбойт. Ошондуктан, Француз колонизаторлугу таасир жагынан башка ар кандай колонизаторлуктарга караганда жийиркеничтүүрөөк.

Француз колонизаторлугу башка ар кандай колонизаторлук сыяктуу өз колонизаторлугун жана таасирин бекемдөөдө аскердик күчкө, саясий иштерге, экономикалык факторлорго о.э. саясий, пикирий чалгытууларга сүйөнөт. Бирок, француз колонизаторлугу өз колонизаторлугу үчүн сакофий жана пикирий жактарды негиз кылып алышы менен башка бардык колонизаторлуктардан өзгөчөлөнүп турат т.а. бардык жерлерде, айрыкча, өзүнө колония болгон мамлекеттерде өз өкүмдарлыгын орнотуу үчүн ал ушул жактарды негиз кылып алган. Бейрут радиостанциясы программалары, Сирия, Ливан жана өзүнө колония болгон Африка мамлекеттери, ал тургай, Индокытайдагы француз мектептери – булардын баары франция мамлекети катуу этибар бере турган иштерден. Франция өз ара экономикалык жардам жана соода келишимдеринде Америкага малайларды даярдоого урунуп, Англияга ээрчишине карабастан, негизинен, ал бул иштерге сүйөнбөйт, күчсүздүгү себептүү бул тармакта ийгиликке жетише албаган болсо да. Франция бүткүл көңүлүн сакофий алакаларга, пикирлердин бирдиги жана жакындашуусу негизиндеги мурунтан колдонуп келе жаткан достошууларга каратат.

Франция мамлекетинин күчсүздүгү жана башка колонизатор мамлекеттер даражасынан түшүп кеткендиги себептүү, анын бүткүл дүйнө боюнча алып барып жаткан саясатынын негизги багыттарын белгилөө

мүмкүн болгону менен, анын Азия жана Африкага карата жүргүзүп жаткан саясатынын негизги багыттарын белгилөө кыйындашат. Франциянын дүйнө саясатына таасир күчү жоктугу себептүү, анын бул саясаттагы негизги багыттарын белгилөө дээрлик мааниге ээ эмес. Франциянын бардык саясий иштерин түшүнүү үчүн анын эң негизги саясаты «улуулук саясаты» экендигин билүү жетиштүү болот.

# Россия саясаты

Россия саясаты төрт доорду басып өткөн. Алар төмөндөгүлөрдөн турат: 1. Россиянын падышалык доорундагы саясаты. Бул саясат мекенчилдик саясаты болуп, ал эки ишке негизделген: Россияны коргоо жана анын чегин жана таасирин кеңейтүү. 2. коммунисттик партия Россияда бийликти өз колуна алгандан кийин коммунисттик саясат доору келди жана мамлекеттин саясаты дүйнөлүк революцияны жүзөгө келтирүү жана коммунизмди бүткүл дүйнөгө жаюуну максат кылган коммунисттик саясатка айланды. 3. Ленин өлгөндөн кийин Россияда бийликти Сталин ээлеген соң, коммунисттик Россия саясаты доору келди жана мамлекет саясаты коммунисттик Россия саясатына айланды. Бул саясат дүйнөлүк революцияны вужудка келтирүү жана коммунизмди бүткүл дүйнөгө жаюу үчүн аракет кылууну сактаган абалда, Россия мамлекетин сактап калууну саясаттын жеке негизи кылып алган эле. Себеби, дүйнөлүк революцияны ишке ашыруу жана коммунизмди жаюу бир гана Россия аркылуу жана аны сактап калуу менен ишке ашат. Демек, Россия мамлекетин сактап калуу, аны кеңейтүү жана таасирин ашыруу каерде болушуна карабастан, ар бир комунисттин милдети болушу жана алып барып жаткан ар бир ишинде коммунисттик саясаттын милдети болушу лаазым эле. Ошондуктан, Сталин айткандай: «Революционер Советтер Союзун коргоого жана анын кубатын ашырууга эч бир экиленбей жана токтолбой ар кандай шарт жана абалда жаны менен даяр болгон адам... Совет жараны Советтер союзун коргоодо эч кандай шарт койбойт жана экиленбейт. Себеби, Советтер Союзу бүткүл дүйнөлүк революциялык аракеттин пайдубалы. Советтер Союзун сактабастан туруп, бул аракетти коргоо жана өнүктүрүү мүмкүн эмес». 4. Кийинчерээк бул саясат Россияны коргоо, анын территориясын кеңейтүү жана таасирин ашыруу үчүн коммунизмди жана коммунисттик партияларды ыкма кылып алган нукура орус саясатына айланды т.а. падышалык доорундагы орус саясатына кайтты. Болгону анын бир гана айырмасы бар эле, падышалык доорундагы Россия өз саясатын ишке ашыруу үчүн саясий жана аскерий иштерди иштеткен болсо, азыркы Советтер Союзу болсо, саясий иштерди коммунизм жана социализм пардасы менен оройт, аскерий иштерди болсо, коммунизм талаптарына карабастан, эл аралык саясат талаптарына ылайык алып барат. Ленин саясаты жана Сталин саясаты

т.а. ыкмалары түрдүү болгон коммунизм саясаты тарыхка айланып вокыйлыкта жок болуп кеткен соң, ал жөнүндө сүйлөө же талкуу кылуудан пайда жок. Ошондуктан, талкуу азыркы Советтер Союзу саясатына чектелиши керек. Себеби, азыркы учурда алдыбызда ушул саясат турат жана анын узак убакытка чейин турушу күтүлүүдө. Ал тургай, акимдер өзгөрүп башкалар бийлик башына келсе да, Россия коммунисттик саясатка кайтышынын ыктымалы жок. Себеби, коммунистик фикрат Россияда өз күчүн жоготту жана анын жараксыздыгы бүткүл регионго маалым болду. Эгер Советтер Союзундагы азыркы өкүмдар топ өзгөргөндө анын азыркы саясатында бирер бир өзгөрүү жүз берсе, өзгөрүү бар болгону коммунизмди колдонууну жеңилдетүү жана саясий иштерди аны менен чүмбөттөөнү жымсалдаштырууда же оңойлоштурууда жүз берет. Ошондуктан, Советтер Союзунун тышкы саясаты коммунисттик мамлекет саясаты эмес, балким, Россия саясаты катары көрүнөт жана андагы коммунизм болсо ири дөөлөт көтөрүп чыгып жаткан коммунизмге даъват кылуу эмес, балким, саясий амалдар үчүн чүмбөт катары же көп абалдарда саясий иштер катары көрүнөт.

Советтер Союзунун саясаты жөнүндө талкуу жүргүзүүдөн мурун орус калкы жөнүндө кыскача пикирлерди айта кетүү зарыл. Анткени, белгилүү болгондой, иш жүзүндө эркин өкүм жүргүзө турган бирер мамлекетте мамлекетке жана өкүмдар партияга жат калк болбойт, балким, мамлекет калк, калк мамлекет дегени. Ушул себептүү, Советтер Союзу жөнүндө т.а. Россия жөнүндө сөз кылганда калк деген этибарда мамлекет жөнүндө жана мамлекет деген этибарда калк жөнүндө сөз кылынат. Ошондуктан, Советтер Союзу т.а. Россия жөнүндө пикирлерди айта кетүү зарыл.

Англия же Америкада болгону сыяктуу өзүнө мүнөздүү болгон бирер сыпат Советтер Союзунда жок. Англия жөндөмү жана айлакерлиги менен өзгөчөлөнүп турса, Америка ийкемдүүлүгү, бардык иштин жолун табуу пикирине кошумча түрдө өткүр жаратуучулугу жана чыгармачылдыгы менен өзгөчөлөнүп турат. Россияда да дүйнөдөгү башка мамлекеттерге окшоп кадимкидей эле адамдар жашайт. Бирок, аларда да чоң элдерде болгону сыяктуу мекенчилик, өзүн өйдө көрүү, текеберлик туйгусу жана чоң элдер жана ири дөөлөттердө болгону сыяктуу өкүмдарлык кылууну жана басып алууну жакшы көрүү бар. Ушул себептен улам, дүйнөдөгү ири дөөлөт сыпатындагы абалдарын башка ири дөөлөттер сыяктуу ар дайым сактап келишет. Мында падышалык доору менен коммунисттик партия доорунун ортосунда айырма жок. Эгер мурун алар кабыл алган мабда динди мамлекеттен ажыратуудан турган капитализм мабдасы болгон болсо, азыркы учурда аларда болгон жана тышкы саясаттарынын негизи болгон коммунисттик же социалисттик фикрат өз маани-маңызында жана аракет кылууга негиз болушунда капиталисттик фикраттын дал эле өзү, ал коммунисттик же социалисттик фикрат деп аталса да. Анткени, ал

болгону куру аталыш гана. Ал азыркы учурда батышта күзөтүлүп жаткан капиталисттик фикратты жамоо абалына амалий сүрөттө аста-секин өтүп баруuда. Советтер Союзу социалисттик коммунизм да, капитализм да болбогон жамалган капиталисттик фикратка жетишкенге чейин ишинде социалисттик же коммунисттик фикратты жамоону уланта берет. Ошондуктан, Советтер Союзу да Америка жана Англия сыяктуу өзүн коргоого, кеңейүү жана таасирин жаюуга аракет кылып жаткан ири дөөлөт деп айтууга болот.

Бирок, Англияда бийликти ак сөөктөр ээлеген. Бийликте аны жана анын кызыкчылыктарын коргой тургандар табылат. Америкада болсо, бийлик өкүлдөрүн чындыгында эл шайлабайт, алар капиталисттер жана ири байлык ээлеринин өкүлдөрү болушат. Россияда болсо мындан башкача болуп, өкмөттү ар кандай партия эмес, балким, коммунисттик партиянын өзү башкарат. Ошондуктан, ырас, коммунисттик партия бийликти өзүнүкү кылып алган экен, мамлекетти башкаруучу адамдар ким болушуна карабастан, мамлекет коммунисттик мамлекет болуп кала берет. Ошондуктан коммунисттик фикрат, туурараагы, социалисттик фикрат коммунисттик саясатта өкүмдарлык кылбаса да, мамлекетте өкүмдар болгон боюнча кала берет. Мунун скбкби, бүгүнкү күндө Россия мамлекети же Советтер Союзу социалисттик б.а. коммунисттик фикрат негизине курулган. Азыркы учурда Советтер Союзу жетишкен атак-даңк коммунизм же социализмдин атак-даңкы. Ушул себептүү Россия коммунисттик мамлекет же социалисттик мамлекет деп таанылган бойдон кала берет. Туура, Россиядагы социализм фикратында алар өнүктүрүү деп атаган өзгөртүүлөр жүз берди. Бирок, бул өзгөртүүлөр ушул фикраттын өзүндө, анын пикирлери жана өкүмдөрүндө ижтихад кылуу жолу аркылуу пайда болду. Бул өзгөртүүлөр ал фикратты негизинен өзгөртүп, бүтүндөй башкача фикрат кылып таштаган болсо да, бирок, ал негизине карата алып каралса, атында да, ижтихад негиздеринде да коммунисттик же социалисттиги боюнча калды. Бул фикрат Муовия өкүм жүргүзгөн жана так мураскорлугу (валиахдтык) түзүмүн вужудка келтирген убактагы Исламий фикрат сыяктуу да жана мамлекет башкаруусун Осмонийлер ээлеген жана аны Осмоний же түркий мамлекет кылган убактагы Исламий фикрат сыяктуу да эмес, балким, ал бүтүндөй башкача. Үммөттүн баары этикат кылган Исламий фикрат катъий жана бекем акыйда болуп, мында араб менен перс ортосунда, түрк менен индус ортосунда, европалык же азиялык же африкалык ортосунда эч кандай айырма жок. Ушул себептүү Исламий фикратка акимдердин башкаруулары да, тышкы саясат да таасир кылбады. Ал тургай, ага исламий мамлекеттин бүтүндөй жоголушу да жана Ислам жана мусулмандар бийлиги бүтүндөй жоголгон жылдар же кылымдар учурунда мусулмандар душмандары капырлардын өкүмдарлыгы астына түшүп калуулары да таасир кылбады. Коммунисттик же

социалисттик фикратка болсо калк этикат кылбаган, балким, ага – миллиондогон болсо да – жеке адамдар этикат кылган жана ал адамдарга ыраазылык жана ыктыяр кылуулары менен эмес, балким, от жана кылыч менен колдонулган. Ошондуктан, Россия калкы коммунисттик же социалисттик үммөт деп этибар кылынбайт. Исламий үммөт мунун тескерисинче. Анткени, ал бир канча мамлекеттерге бөлүнүп кеткен болсо да, бир канча калк болуп көрүнсө да, Исламий үммөт деп этибар кылынат. Ушундан келип чыгып, Англия менен Американы түбөлүктүү капиталисттик мамлекет деп этибар кылынганы сыяктуу Советтер Союзунун да түбөлүктүү комунисттик мамлекет деп этибар кылуу туура эмес. Балким, коммунисттик партия бийлик башынан кеткенге чейин ал коммунисттик мамлекет деп эсептелет.

Совет саясаты бир айырма менен мурунку Россиянын падышалык саясатына кайтты. Бул айырма мындай, Советтер Союзу саясий иштерди коммунисттик чүмбөт менен оройт. Бирок, бул айырманын өзү совет саясатын – анын негизи падышалык негизинде болсо да – башка саясаттардан ажыратып турат. Бул саясат Советтер Союзун коргоо, анын майданын кеңейтүү жана таасирин жаюудан турат. Ушул себептен улам, бул саясатка падышалык Россия саясаты эмес, балким, коммунисттик мамлекет саясаты деп жана ал Америка саясаты сыяктуу ири дөөлөт саясаты деп каралышы керек.

Ушуга караганда, анын эл аралык саясатынын т.а. өзүн коргоо жана майданын кеңейтүү саясатынын негизги багыттарын көрсөтүп өтүү керек болот.

Советтер Союузунун эл аралык саясатынын же мамлекетин коргоо жана СССРдын кеңейиши үчүн алып барып жаткан саясатынын негизги багыттары төмөнкүлөрдөн турат.

1. Азыркы учурда өзү өкүмдарлык кылып жаткан Чыгыш Европа мамлекеттеринде өкүмдарлыгын толук сактап калуу жана бул өкүмдарлыкты Советтер Союузунун чеңлегиленен кутулуу Чыгыш Европа мамлекттеринен ар бири үчүн кыйын же мүмүн болбой турган даражада бекемдөө. Ошондуктан, Румыния Советтер Союузунун өкүмдарлыгынан чыгууга урунуп жатат деп ойлоо ката болот. Балким, ал азат болуу жана ачылуу саясатында Советтер Союузу менен келишип аракет кылат. Немис калкынын биримдиги үчүн Чыгыш Германия Батыш Германия менен өз ара жакындашуу саясатында аракет кылышы ыктымалдан ыраак, балким, ал Германиядан биримдикти узакташтыруу, бөлүнүүнү түбөлүк бекемдөө жана борбордук Европада куралсызданган регионду вужудка келтирүү саясатын ишке ашыруу үчүн белгиленген пландарга ылайык аракет кылат. Эгер Советтер Союзу Австрияны бейтарап мамлекет кылууда адашкан жана ката кылган болсо да, бирок, бул бейтараптык Австрияны совет өкүмдарлыгы чөйрөсүнөн чыгарып жиберишине же Батыш Европа

мамлекеттерине жакындаштырышына уруксат бербейт. Анын бул саясаты жаңы саясат эмес. Балким, эски саясат. Орустар тээ илгертен эгер Чыгыш Европа мамлекеттери алардын таасири астында болсо гана өздөрүнүн батыш чегараларын коргоодо бейгам болуулары мүмкүндүгүн сезишер эле. Эгер Напалеондун Россияга жүрүшү бул коркунучту орустар алдында анык сезилерлик кылган болсо, экинчи дүйнөлүк согушта Гитлердин Россияга жүрүшү бул коркунучтун бар экендигин тастыктады жана алардын жүрөгүндө бекемдеди. Ушул себептен улам, алардын бирер нерседе этабарсыздык кылуулары мүмкүн болсо да, бирок, Чыгыш Европа мамлекеттерин өз өкүмдарлыктарында жана колдору астында калтырууда – бул иш дүйнөлүк согушка кирүүгө алып барса да – эч бир этибарсыздык кылышпайт.

2. Кытайды өзүнүн даражасынан төмөнүрөөктө жана ага коркунуч салуу даражасына көтөрүлбөй турган абалда калтыруу. Россия Кытайды ыраазы кылуу жолунда Маньчжурияда совет өкүмдарлыгына чек койгон болсо да, биргелешкен кошмо ишканаларды түзгөн болсо да, Далянь менен Порт-Артурга Кытай өкүмдарлыгын толук кайтарган болсо да, падышалык доорунда Россия Кытайдан тартып алган чоң жерлерди кайтарууга Советтер Союузу эч качан көнбөйт. Тынчтык жолдору менен ортодогу проблемаларды чечүү үчүн жакшы кошуначылык келишимдерин түзүүнү Кытайдан талап кылган убакта, бул жерлер жана шаарларды кайтарып алуу жолунда өзү менен согушка кирбеши үчүн, аны бул келишимдер аркылуу тушап коюуну көздөгөн эле. Кытай күчөнүү жолуна кадам койгондон кийин, Россия өзүнүн тышкы саясатында Кытай коркунучун биринчи орунга койду. Кытайдын коркунучунан сактануу максатында Кытай жана бүткүл Ыраакы Чыгыш абалы үстүндө Англия менен келишим түздү.

3. Кытайды курчап турган мамлекеттерди өз кол астында калтыруу. Ал үчүн аларды – мисалы, Түндүк Корея жана Түндүк Вьетнам сыяктууларды – өз көзөмөлү астында кармап туруу же Россияга душман болбогон жана Кытай өкүмдарлыгы астына түшүп калбай турган абалда кармап туруу. «Чалгытуу үчүн согуш» деп аталган Вьетнам окуялары жана ал тургай, Индокытайдагы Лаос жана Кампучия сыяктуу мамлекеттердин абалдары Кытай коркунучун жоготуу же аны узакташтыруу жана күчсүздөндүрүү үчүн уюштурулган.

4. Батыш Европаны ар дайым күчсүз абалда кылып коюу жана Россияга кооп туудура турган даражада күчөшүнө жол бербөө. Ошондуктан, экинчи дүйнөлүк согуштан мурун Американын  абалы сыяктуу, Батыш Европа мамлекеттерине бир мамлекет өкүмдарлык кылбашы үчүн, анын мамлекеттери ортосунда тең салмактуулукка этибар берүү менен чектелбейт, балким, Европа мамлекеттерин жана Европа Жалпы Базарын

да күзөтүп барат о.э. Европа мамлекеттеринин уюшушуна каршылык кылат.

5. Англияны алсыратуу жана дагы анын ири дөөлөткө айланышына тоскоол болуу. Англиянын бүткүл дүйнөдөгү базаларын жана дүйнөдөгү колонизаторлугун жок кылуу о.э. Индиядагы деңгээлин күчсүздөнтүү. О.э. Россия өзү үчүн Кытайды коопт туудурат деп билгендей, батыштан чыныгы коркунуч Англиядан келет деп билет. Себеби, булкүл дүйнөнү Россияга каршы тукурган жана дагы эле тукуруп келе жаткан Англия болуп эсептелет. Англия Американы биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштарга киргизген эле. Англия батыш аскердик блок менен чыгыш аскердик блок ортосунда чыккан суук согуштун артында турган эле. Ошондуктан, Советтер Союузу Англияны өзү үчүн ар дайым коркунуч деп эсептейт.

6. Америка саясатын күзөтүү жана үйрөнүү. Эл аралык позицияны өзү менен Америкага гана чектеп коюу. Англия менен Франциянын эл аралык проблемаларда катышууга кайта келтирбөө жана дүйнөнү өзү менен Америка өкүмдарлыгы астында калтыруу, дүйнөлүк проблмеларды Америка менен биргеликте чечүү.

Бул Россиянын эл аралык саясатына т.а. өз мамлекетин коргоо саясатына тиешелүү. Коммунизмдин кеңейишине же тууараагы, Россиянын майданы кеңейишине жана таасирин жаюуга каратылган саясатына келсек, Россия Америка менен келишип алгандан кийин, анын кеңейиши жана таасирин жайышы бири-биринен айырмалуу эки калыпта болду. 1. Коммунизмдин кеңейиши. 2. Өз таасирин жайышы. Коммунизмдин кеңейишиндеги саясаты анык белгиленбеген жана чектелбеген эле. Ырас, бул саясат Америка менен болгон келишимди бузууга өтүп кетпеген соң т.а. анын таасири болушуна тыюу салынган региондордо таасирин жаюуга өтпөгөн соң, ал каалаган жолдор менен коммунизмди кеңейте берет. Ошондуктан, анын коммунисттик саясатынын көлөмү таасирди жаюу саясатына караганда кеңирээк эле. Россия коммунисттик саясатынын негизги багыттары төмөндө кыскача баян кылынган:

Биринчиден, дүйнөдөгү коммунисттик партияларды коммунизмди каерде болсо да – Европадабы, Азиядабы, Африкадабы же Америкадабы, айырмасы жок – жаюу үчүн ыкма кылып алуу. Коммунисттик партиялар Россия мамлекетине жана Россия коммунисттик партиясына бекем байланган эле. Россия аларды ар бир нерседе саясий таяныч менен, сакофий жана финансылык жардам берүү менен, пикирий жана партиялык кызыкчылыктарды коргоо менен колдоп-кубаттар эле. Мына бул партиялар Чили жана Куба партиялары сыяктуу бийлик башында болобу, же Европа жана Африкадагы о.э. Азиянын Индия жана башка мамлекеттериндеги компартиялар сыяктуу бийлик башында болбойбу, мунун мааниси жок эле.

Экинчиден, Россия коммунисттик болбогон мамлекеттерге, айрыкча, арта калган калак мамлекеттерге бере турган аскердик жана экономикалык жардамдар. Мында Куба менен Египет сыяктуу Америка таасир чөйрөсүндө болгон мамлекеттер менен Россиянын кеңейүү акысы болгон Африкадагы айрым мамлекеттер сыяктуу мамлекттердин ортосунда айырыма жок эле. Бул жардамдардын артынан орус адистери жана кеңешчилери жиберилет. Россия мындай жардамдар жана кеңешчилер жардамында коммунистик пикирлерди таратат. Мына ушундан Россия, ал тургай, комунисттик мамлекет курууга тобокел кылбай турган Судан жана Ирак сыяктуу мамлекеттерде да, Чили жана Куба сыяктуу таасири болушун үмүт кылбай турган мамлекеттерде да коммунизмди жаюуга жана социалисттик уюмдарды колдоп-кубаттоого аракет кылып жаткандыгын көрөбүз.

Үчүнчүдөн, коммунисттик китептер, басылмалар, басмаканалар, окуу жайлары жана Россиянын өзүндө которулуп басып чыгарылган китеп жана баракчалар. Америка маалымат борборлорундагы абал сыяктуу Россия өзүнүн сакофий борборлоруна бүтүндөй сүйөнбөсө да жана сакофатты сакофий өкүмдарлык үчүн жол кылып албаса да, бирок, ал миллиондогон кишилерди ар кыл ыкмалар жана ар түрдүү жолдор менен социалисттик жана коммунисттик сакофат негизинде тарбиялоого атайлап аракет кылат.

Төртүнчүдөн, колониядан азат болуу, империализм жана колонизаторлукка чабуул кылуу пикирлерин кабыл алып, аларды коммунисттик же социалисттик пикирлер катары таратат. Адамдардын бул пикирлерди кабыл алууларынан жана аларга кызыгышынан коммунисттик пикирлерди кабыл алуулары жана ага кызыгуулары үчүн курал катары пайдаланат.

Бешинчиден, кээ бир мамлекеттерде саясий жана социалдык зулум, кембалгалдык жана муктаждык бар экендигинен пайдаланып, коммунисттик фикратты бул проблемалардын дабасы катары, элдерди жана улуттарды азат кылуу, аларды ачкалык, кеселдик, караңгылык чеңгелинен куткаруунун жолу катары ортого таштайт. Аларды турмуш жөнүндөгү көз караштан келип чыккан пикирлер эмес, балким, саясий пикирлер катары ортого таштайт. Бул болсо, ал тургай, айрым диндарларда да ушул пикирлерге карата ыктоону ойготот.

Мына ушулар Россиянын коммунизмди жаюу саясатындагы эң маанилүү тараптар. Булар о.э. таасирди жаюу жана коммунисттик болбогон мамлекеттерге кирип баруу үчүн да иштетип жаткан ыкмалар болуп, Россия аларды дүйнөнүн бардык мамлекеттеринде колдонот. Мында Америка менен келишүүнүн негизинде кеңейүүгө акысы болбогон мамлекеттер менен кеңейиши жана таасирин жаюуга акысы болгон мамлекеттердин ортосунда айырма жок эле.

Ал эми, кеңейиши жана таасирин жаюуга акысы болгон мамлекеттерде өз таасирин жаюу жана коммунизмди алып кирүүдө колдонгон негизги багыттарына келсек, алар төмөндөгүлөр:

а) Саясий, экономикалык, аскердик күрөштүн бардык ыкмаларын эл аралык мамилелер жана коомдук алакаларды талкалоо тарапты көздөй багыттантыруу. Бул алакаларды капиталисттик алакалар жана Исламий алакалардан социалисттик алакаларга айлантуу. Мамлекеттерде саясий жана экономикалык өкүмдарлыгы боло турган солчул топторду вужудка келтирүүгө аракет кылуу. Россиянын кээ бир Африка жана Азия мамлекеттеринде кылып жаткан иштери буга ачык далил.

б) Кээ бир мамлекеттерде мекенчилдик фронтторун пайда кылып, бул мамлекеттеги компартияларга таасири жана материалдык жардамдары менен жардам берет. Мындан ушул компартиялар башка партиялар жана топтордун ичине кирип, алардын үстүнөн өкүмдар болуп алып, аларды компартиялар жана солчул топтор аркылуу Россия тарабынан башкарыла турган социалисттик же капиталисттик бийликтерди вужудка келтирүүгө, коммунисттик болбогон социалисттик партияларды жана социалисттик бийлик түзүмдөрүн колдоп-кубаттоо жана коргоо чөйрөсүнө киргизүүгө о.э. кээ бир мамлекеттерди колдоп-кубаттоо, коргоо жана жардам берүү аркылуу Россияга байлап коюуга багыттандыруу көздө тутулат.

в) Калк ичинде карама-каршылыктарды пайда кылуу. Үммөттү экономикалык таптарга айлантуу. Ойрон кылуунун бардык ыкмаларын т.а. демонстрациялар, иш таштоолор, зордукчулук окуялары жана башкаларды мамлекеттердин тынчын алуу, аны өз таасири же өкүмдарлыгына тартуу о.э. адамдар арасында ирээнжүү жана жек көрүүлөрдү жаратуу үчүн жол кылуу.

г) Мекенчилдик пикирин күчөтүү менен бирге улутчулдук жана диний пикирлерге каршы күрөшүү. Солчул кыймылдардын бардык көрүнүштөрүн жаюу. Мамлекеттерде өнүгүү, азаттык жана социализмди үлгүлүү пикирлер кылып, аларга жетүү үчүн аракет кылына турган улуу максаттар кылып коюу. Россия ишке ашырган Советтер Союзунун экономикалык жана технологиялык ийгиликтерин өнүгүүнүн жана социализмдин ийлигилигине мисал кылып көрсөтүү.

Мына ушулар башка мамлекеттерде коммунисттик таасирди, ошону менен бирге, коммунизмди жаюу үчүн колдонгон негизги багыттардын эң маанилүүлөрү. Россия өзүн коммунизмдин жол башчысы кылып алган соң, бардык коммунисттик мамлекеттердин жетекчиси болууга умтулууда. Ал о.э. өзүн өнүгүү, азаттык, коомдорду бактылуу кылуу жана бечараларга жардам берүүнүн жол башчысы кылып алды. Ошондуктан, каерде болсо да өзү үчүн коммунисттик көз карандылыкты кепилдөө максатында түрдүү ыкма жана жолдор менен коммунисттик мамлекеттерге кирип баруудa. Коммунисттик болбогон мамлекеттерге да өз өкүмүн өткөзүү, алардын

үстүнөн саясий же экономикалык, же аскердик таасирди пайда кылуу максатында түрдүү ыкма жана жолдор менен кирип барууда. Булардын баары мамлекеттерде өкүмдарлык кылуу, бул өкүмдарлыкты бекемдөө жана тамыр жайдыруу үчүн болууда.

Россия өзүн колонизаторлуктан актоого аракет кылып, колонизаторлукка каршы күрөшүү, азаттык жана азат кылуу пикирлерин жаюуну дааба кылса да, бирок, акыйкатта Россия коммунизмге даъват кылууну таштап, өзү үчүн жаңы саясат жолун тандагандан кийин, таасирин жаюу үчүн кылып жаткан аракеттери менен колонизатор мамлекеттердин ишин кылууда. Анткени, колонизатор мамлекеттер азыркы учурда күчсүз мамлекеттерди эксплуатация кылуу максатында алардын үстүнөн экономикалык, саясий жана сакофий өкүмдарлыгын орнотууга аракет кылып жаткан болушса, Россия да өз таасирин пайда кылуу максатында күчсүз мамлекеттерге өкүмдарлыгын жаюуга аракет кылууда. Анын саясатында башка колонизатор мамлекеттер сыяктуу экономикалык эксплуатация жагы даана көзгө ташталбаса да, бирок, таасирин жаюу жагы ачык-айкын көрүнүп турат.

Мына ушулар советтер саясаты. Аны ушундай түшүнүү зарыл. Бул саясат коммунисттик даъватты жаюу саясаты эмес, балким, өз таасирин жаюу жана майданын кеңейтүү үчүн аракет кылып жаткан ири дөөлөттүн саясаты. Ал ушундай түстө түшүнүлсө, анын жамандыгынан сактануу эле эмес жана ага каршы туруу эле эмес, балким, (айрыкча, сокку туура багыттандырылса) ага какшаткыч сокку берүү мүмкүн болот.

# Эл аралык проблемалар

Мамлекеттер ортосунда өз ара күрөштүн болушу табигый жана качып кутулгус. Калктар жана улуттардын ортосунда кызыкчылыктардын ар түрдүү болушу өзгөргүс чындык. Адамдардын – жалпы же жекече кызыкчылыктар болобу, айырмасыз – кызыкчылыктар үстүндө курөштөрү жоголбойт. Себеби, пикирлерде жана пикирлер үстүндө келишпөөчүлүктөрдүн болушу табигый жана качып кутулгус. О.э. адамдар ортосундагы турмуш таризи (жашоо образы) да ар түрдүү болуп, ал кыямат күнүнө чейин ушундайча уланат. Ошондуктан, калктар жана улуттар ортосунда т.а. мамлекеттер ортосунда пикирлер, турмуш таризи жана кызыкчылыктар жүзөсүнөн күрөш пайда болору анык. Бирок, бул күрөш бир канча көрүнүштө болот. Кээде саясий көрүнүштө, кээде экономикалык көрүнүштө, же аскердик көрүнүштө болот. Эгер соодада жана акча жаатында финансылык конкуренция болсо – мындай атаандаштык бардык убакта адамдар жана малекеттер ортосунда күзөтүлөт – мындай конкуренция кээде күрөшкө айланып кетет. Кээде бул күрөш согуштарга айланып кетет. Адамдар табиятынан согушту жаман көрүшсө да, өз ара проблемаларды тынчтык жолдору менен чечүүгө

урунушса да, бирок, өздөрү жаман көргөн нерсеге мажбур кылынышат. Ошондуктан да, адамдар бул согуштардан алыстоого канчалык аракет кылышпасын, баары бир алардын ортосунда согуш болору анык. Алардын согушту токтотууга кудурети жетпейт. Себеби, акыркы дабаа жараны кызытылган темир менен басуу болот. Эгер түйүндү чечүү кыйын болсо, аны кылыч менен кесип таштоо зарыл. Мына ушундан келип чыгып, иш акырында куралга кайрылууга мажбур болот жана адамдардын ортосунда согуштар келип чыгат.

Бирок, бир учурда жана бир согушта бүткүл адамзаттын биргеликте катышууга токтом кылышы табигый да, качып кутулгус да эмес. Т.а. дүйнөлүк согуштар табигый түстөгү жана качып кутулгус иштер эмес. Жемиш бериши жана адамзатты түзөтүшү мүмкүн болгон пикир жүргүзүү – бул дүйнө согуштарына тыюу салуу жана алардын алдын алуу жөнүндө пикир жүргүзүү болуп саналат. Олуттуу аракет кылуу керек болгон тынчтык – бүткүл дүйнө тынчтыгы. Ал эми, калктар ортосундагы о.э. мамлекеттер аралык тынчтык, ага умтулуу жакшы иш болсо да, бирок, аны туруктуу түстө жүзөгө чыгаруу мүмкүн эмес. Балким, согуштун болушу анык. Ошондуктан, бирер адамдын согуштарды тыйып коюу тууралуу пикирлеши ката.

«Дүйнөлүк согуш» пикирин пайда кылган мамлекет дал ушу Англия болот же башкача айтканда, муну мамлекети кичине, саны аз болгон калктар пайда кылышкан. Алар күчтүү үммөттөрдөн өзүн коргоо үчүн башка улуттар жана калктарга кайрылып, аларды өзү менен бирге өнөктөш болууга кызыктырды. Бул үммөттөр башка калктар жана үммөттөр менен уюшууга мажбур болду жана натыйжада согушка кирүүдө бир канча мамлекет башка мамлекеттер менен бирге катышты. Мындан дүйнөдөгү көптөгөн мамлекеттердин бир согушта катышуусу келип чыгып «дүйнөлүк согуш» деп аталган согуш болду. Негизинен, бул иш төмөндөгүчө болгон: Англия Наполеонго каршылык көрсөтүп, ага каршы согушуу үчүн бир нече мамлекеттерди топтоду. Акыры Наполеонду жеңди. О.э. Осмоний мамлекет дүйнөнүн чоң бөлүгүнө өкүмдарлык кылган жана көптөгөн Европа мамлекеттерин фатх кылган бир убакта, Европа калктарын Осмоний мамлекетке каршы бир уюмга топтоду. Акыры аны майдалап, Европадан чыгарып жиберди. Кийин бул нерсе биринчи дүйнөлүк согуштун, андан кийин экинчи дүйнөлүк согуштун чыгышына алып келди. Дүйнөлүк согуш пикири байыркы пикир эмес жана ал адамзаттагы табигый пикир да эмес, балким, ал кокустук жана жийиркеничтүү пикир. Ошондуктан, аны жоюу мүмкүн. Мүмкүн эле болуп калбастан, балким, аны жемиштүү жолдор менен жоюу зарыл, анткени, муну менен дүйнө – айрыкча, ядролук куралдар пайда болгон бир убакта – дагы «дүйнөлүк согушка» дуушар болбосун.

Дүйнөлүк согушту жоюунун жолу – мамлекеттер аралык аскердик уюмдардын пайда болушунун жана эки мамлекеттен ашык мамлекеттердин аскердик союздарды түзүшүнүн алдын алуу. Мындай чаранын жолу төмөндүгүчө болот: улуттар жана калктарга аскердик уюмдарды айып жана уяттуу иш кылып көрсөтүү керек жана өз кезегинде мамлекеттер термининде да ушундай кылыш керек. Бул иш-чара аскердик уюмдарга каршы жалпы элдик пикирди пайда кылуу аркылуу ишке ашырылат. Эки мамлекеттен ашык мамлекеттердин аскердик союздары аскердик уюмдар болуп, ал «уюмдар» пикири астына кирет. Эгер көп улуттар жана калктардын назарында күчтүү жалпы элдик пикир пайда болсо, мамлекеттердин аскердик уюмдарга мүчө болуудан баш тартары шексиз, же мындай уюмдар түзүлсө да, алардын таасири күчсүз болот. Элүүнчү жылдарда Жакынкы Чыгышта «Багдад пакты» жана ушул жылдары Америка дүйнөнүн түрдүү региондорунда түзгөн аскердик союздары туш келген абалдар буга жаркын далил болот. Чындыгында, бул союздар же уюмдар Россияга каршы туруу жана колонизаторлуктун өкүмдарлыгын кармап калуу үчүн түзүлгөн эле. Бирок, мындай союздардын пайда болушу менен бир убакта, аларга каршы үгүт «мындай союздарга мүчө болуп кирүү колонизаторлукту коргоо жолунда калктардын өздөрүн курман кылууларына алып келет» деген массалык пикирди пайда кылды. Мындай союзду түзгөн мамлекеттер канчалык күчтүү болбосун, бул массалык пикир өтө тездик менен айланага жайылып кетти. Ушуну менен көп мамлекеттер аларга мүчө болуудан баш тартышты. Мүчө болгон мамлекеттердин калктары болсо бул союздарга каршы болуп, ушул союзга кирген мамлекеттерден өч алууга киришти. Бул болсо мындай союздарды күчсүздөндүрүүгө жана аракетин жоготууга алып келди. Акыры алар жоголуп кетти же жоктой болуп калды. Эгер Европа мамлекеттери биринчи дүйнөлүк согушта Англия менен, экинчи дүйнөлүк согушта Америка менен союздаш болуудан баш тартышканда, бул эки дүйнөлүк согуш болмок эмес. Ошондуктан, аскердик уюмдардын пайда болушунун жана өз кезегинде дүйнөдө дүйнөлүк согуштар башталышынын алдын алуунун жападан-жалгыз жолу – бул эки мамлекеттен ашык мамлекеттердин союзу жана эл аралык уюмдардын болбошу.

Мамлекеттер ортосундагы проблемаларды чечүүгө жана мамлекеттердин бири-бирин коргоосуна келсек, бул XIX кылымдагы Англия менен Франциянын абалы сыяктуу, же XX кылымдын экинчи жарымындагы Амриканын абалы сыяктуу, бир канча ири дөөлөттөрдү эл аралык жандарм кылып коюу менен болбошу керек. Анткени, бул бир мамлекеттин башка бир мамлекеттин үстүнөн өкүмдарлык орнотуусу болот. О.э. бул улут жана калктарга карата террор куралын колдонуу дегени. Мындай болушу мүмкүн эмес. О.э. проблемаларды чечүүдө

пикирлерине моюн сунбай тургандарды жазалоо укугуна ээ болгон мамлекеттерден турган бирер уюмду түзүү да туура эмес. Себеби, мындай абал мамлекеттер үстүнөн дүйнөлүк мамлекетти вужудка келтирүүнү (негизи, бул туура эмес жана ал о.э. проблемаларды чечүүгө урунуу аркылуу жаңы проблемалардын келип чыгышына себеп болот) билдиришинен тышкары, проблемаларды чечүү үчүн жол болууга жарабайт. Муну менен болсо, адамдар ортосундагы проблемаларды өз ара ыраазылык жана ыктыярдуулук менен чечүү жүзөгө чыкпайт.

Мамлекеттер ортосундагы мамилелер жеке адамдар ортосундагы мамилелерге окшойт. Бул мамилелердин дабаа-чечими мамлекеттер ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү жоё тургандай болушу керек. Т.а. мына ушул мамилелерди тартипке салып тура турган өкүмдар болгон жалпы үрп аркылуу болушу керек. Мына ушул учурда, проблема ушул жалпы үрпкө каршы чыгуудан же ага каршы чыгууну дааба кылуудан келип чыгат. Анын дабаасы болсо, ушул үрпкө келишип алышкан бир канча мамлекеттерди бул чырды келтирип чыгарган проблема туурасында мурун келишип алышкан пикир жана райларга кайтаруу болот. Мисалы, кол салуудан коргонуу проблемаларына Франция менен Россиянын Германиядан, Кытайдын Япония жана Россиядан, Канада менен Түштүк Американын АКШдан коргонуу проблемаларын ж.б. проблемаларды мисал келтирүүгө болот. Бул проблемаларды чечүүнүн бирден-бир жолу кол салуунун себебин издөө. Эгер себеп баскынчылык жана өкүмдарлык болсо – Кытайга карата Россия менен Япониянын абалы сыяктуу, эгер колония жана эксплуатация кылуу болсо – Канада менен Түштүк Америкага карата АКШнын абалы сыяктуу, эгер өч алуу жана салттуу душмандык боло турган болсо – Россия менен Францияга карата Германиянын абалы сыяктуу, муну дабалоонун жолу мындай кол салуулар жөнүндө: «Булар уят жана айып болгон иштер, алар бул мамлекеттердин абройуна жарашпайт» деген жалпы пикирди жаратуу керек. Ушуну менен бирге, кол салуу болушунун коркунучу бар мамлекеттерди күчөтүү керек. Бирок, бул мамлекеттер аралык союздар (блоктор) түзүү менен эмес, балким, күчсүз калктарда турмуш жөнүндөгү негизги пикирди пайда кылуу менен болот. Бул негизги пикир аларда кубат жана тирүүлүктү пайда кылат, аларды ар кандай кол салуудан коркпой турган кылып коёт. Эгер кол салуунун себеби бирер фикратты таратуу болсо, бастырып кирилген мамлекеттеги жалпы пикир ушул фикраттын тууралыгына жана ал өкүм жүргүзүү, иштерди башкаруу жаатынан ушул мамлекет өз иштерин башкарып жаткан фикраттан көрө ылайыктуу жана жакшыраак экенине канааттанса, мындай баскынчылык жана кошуп алуу кол салуу болуп эсептелбейт, балким, ал мыйзамдуу согуш болуп эсептелет. Ошондуктан, мындай согуштар дүйнөлүк согуш болбошу керек, балким, жергиликтүү согуш болушу керек деген шарт менен, буларга тыюу салынбайт. О.э.

анда чынчылдыктын иш жүзүндө көрүнүшү, фикраттын мыйзамга тескери максаттар үчүн жол кылып алынбашы жана басып алынган калктардын каалаган этикат жана динди тандоо укугунун кепилдениши, иштерди башкаруу жана жаңжалдарды ажырым кылууда алардын басып алган калктар менен тең укуктуу болушу шарт кылынат.

Биердеги тема согушка бүтүндөй тыюу салуу тууралуу эмес, балким, бүткүл дүйнөлүк согушка жана мыйзамсыз согуштарга тыюу салуу тууралуу болуп жатат. Ал эми, жергиликтүү же мыйзамдуу согуштарга тыюу салуунун мүмкүнчүлүгү жок б.а. мындай согушка каршы туруу адилеттүүлүккө жана изгиликке каршы туруу болот. Бул болсо эч бир туура эмес. Бүткүл дүйнө тынчтыгы деген пикир болсо, эң туура жана жүзөгө чыгаруу мүмкүн болгон пикир. Ал эми, бүтүндөй тынчтык пикирине келсек, ал ишке ашырып болбой турган жана туура эмес пикир. Анткени, кызыкчылыктар жана пикирлер үстүндө келишпөөчүлүктөрдүн болушу табигый жана качып кутулгус. Ушул келишпөөчүлүктөрдү массалык пикир аркылуу о.э. жергиликтүү согуш аркылуу жоюуга болот. Мындай абал эки тарап жана эки калктын ортосунда болушу табигый, ал эми, бүткүл дүйнө мамлекеттеринин ортосунда бири-бири менен болушу болсо табигый абал эмес.

Булар чоң проблемаларга тиешелүү пикирлер. Ал эми, чегаралар, соода жана жергиликтүү проблемалар ж.б.у.с. нерселер үстүндөгү келишпөөчүлүктөр сыяктуу кичи проблемаларга келсек, бул проблемалар аларды дабалоо жөнүндө башкалар пикир жүргүзө турган же бүткүл дүйнө көңүл бура турган даражага көтөрүлбөйт. Бул сыяктуу проблемалар өз-өзүнөн чечилет. Аларды өз ара келише албай жаткан тараптар, ортодо согуш кылып болсо да, өздөрү чечип алышат. Ушуга караганда, жергиликтүү проблемалардын этибары жок, балким, бүткүл этибар эл аралык проблемаларга каратылышы керек. Демек, дабалоо үстүндө пикир жүргүзүлүп жатканда, эл аралык проблемаларга жана аларды чечүүнүн жолуна этибар каратылат. Себеби, мындай проблемалар мамлекеттер аралык уюмдардын түзүлүшүнө о.э. дүйнөлүк согуштарга алып барат.

Бүгүнкү күндөгү дүйнөдөгү эл аралык мамилелерге жана эл аралык коомчулукка келсек, дүйнө эл аралык проблемаларды чечүү үчүн аракет кылып жаткандай көрүнсө да, бирок, ал проблемаларды атайын пайда кылып алоолонтуп жаткан, андан пайда көрүү, элдерди эксплуатация кылуу, өкүмдарлык жана таасирди пайда кылуу максатында, бул проблемаларды чечүүнү жол кылып алып жаткан дүйнө болуп калууда. Демек, ал проблемаларды жаратып, аларды чиеленииштирип жиберүүдө. Ал тургай, бул дүйнөнүн мына ушундай абалга түшүп калышынын өзү да чечилиши лаазым болгон өзүнчө бир проблема болуп калды. Мунун себеби, дүйнө иштерин эки үлкөн мамлекет – Америка менен Россия башкарууда. Алар өздөрүнөн башкаларды күчсүздөндүрүүгө, өз

кудуреттерин болсо күчөтүүгө аракет кылышууда. Алар өздөрүн коргоо, башкаларды эксплутация кылуу жана өз таасирлерин кеңейтүү негизинде иш жүргүзүшүүдө. Бул дүйнөнү башкарууда аларга эки чоң мамлекет – Англия менен Франция шерик болууга аракет кылууда. Бул аракет дүйнөнү жакшыртуу жана оңдоо үчүн эмес, балким, эксплуатация кылуу жана таасирин жаюуда Америка менен Россияга шерик болуу үчүн болууда.

Себеби, бул эки мамлекет т.а. Англия менен Франция да эки үлкөн мамлекет Америка менен Россия саясатынын негизи болгон – өзүн коргоо, башкаларды эксплуатация кылуу жана алардын үстүнөн таасирлерин кеңейтүү негизинде иш жүргүзүшөт. Бүткүл дүйнө ушул акыбалда болгон соң, андан эч кандай изгиликти үмүт этип болбойт жана бирер бир жакшылык күтүлбөйт. Себеби, анын иштерин башкарып жаткандар «анын жыргалчылыгы, азат болушу жана бак-таалайы үчүн аракет кылып жатабыз» деген дааба менен иш жүргүзүп жатышса да, негизи, аны эксплуатация кылуу, анын үстүнөн өкүмдар болуп алуу жана таасирлерин кеңейтүү максатында аракет алып барышууда. Ошондуктан, бүткүл дүйнөгө көлөкө салып турган проблема бүткүл дүйнөлүк тынчтык проблемасы, атүгүл, бүтүндөй тынчтык проблемасы да эмес, балким, дүйнө үстүнөн өкүмдарлыкты жоготуу жана аны эксплуатация кылууга жана анда таасирди кеңейтүүгө чек коюу проблемасы. Ошондуктан, бүткүл дүйнөнүн азыркы абалы чечилиши зарыл болгон проблема. Эгер мына ушул проблема чечилбесе, анда адамзат үстүнөн кордук жана бактысыздык өкүмдарлыгы кетпестен улантыла берет.

Мунун себебине келсек, дүйнө турмуш жөнүндөгү негизги фикратка карап жашабай жатат. Дүйнөдө бекем орношкон жана анын жашашы үчүн негиз боло турган турмуш жөнүндөгү дүйнө караш жок. Дүйнө иштерин башкарып жаткан мамлекеттер аларды адам, тирүүлүк жана аалам жөнүндөгү жалпы фикрат менен эмес, балким, нак гарыйзалык (инстинктивдик) түрткүлөрдүн негизинде башкарууда. Төрт мамлекеттин т.а. эки үлкөн жана эки чоң мамлекеттердин саясатында пайдубал боло турган негизги фикраттын жоктугу жана андагы гарыйзалык жактын үстөмдүгү даана көрүнүп турат. Ошондуктан да, алардын бардык иштери өздөрүн коргоого, башкаларды экплуатация кылууга жана өз таасирлерин кеңейтирүүгө чектелери анык. Кайсы бир үммөт жана калктан анын жашашы үчүн негиз боло турган жана дүйнөгө даъват катары көтөрүп чыга турган негизги фикрат табылбаса, анда мындай үммөттөн бирер изгилик же ийгилик болушун үмүт кылып болбойт.

Дүйнө мурунку кылымдарда гарыйзалык тарапта аракет кылар эле. Бирок, гарыйзалык тарап башкара турган күчтөр дүйнө үстүнөн өкүмдар эмес эле. Ушул себептен улам, дүйнө бул күчтөр үчүн эксплуатация кылуу жана таасирди кеңейтүү майданы болбоду. Ошондон кийин бүткүл

дүйнөгө саясий акыйда, пикирий пайдубал жана турмуш жөнүндөгү дүйнө караш болгон адам, тирүүлүк жана аалам жөнүндөгү жалпы фикрат келип, үммөт жана мамлекетте калыптанды жана мамлекет адамдар арасында аны тарката баштады, хидаятты жая баштады. Жүз миллиондогон адамдар бул фикрат көлөкөсүндө он кылымдан көбүрөөк убакыт бейпилдик, туруктуулук, гүлдөп өсүү жана азиздикте жашашты. Мыйзамдуу жана мыйзамсыз жергиликтүү согуштар болушу мүмкүн болсо да, бирок, дүйнөлүк согуштун болушу жана ага – мейли мыйзамдуу болсун, мейли мыйзамсыз болсун – бири-бирине каршы согушуу үчүн бүткүл дүйнөнү тартуу туура эмес. Европада капиталисттик фикрат жетишип чыккан соң, гарыйзаларды бүтүндөй эркин коё берди. Адамдар ортосундагы мамилелерди достук жана башкаларды абзел көрүү мамилелери эмес, балким, өз ара жаңжал жана күрөш мамилеси т.а. «ортобуздагы нанды же мен жеймин, же сен жейсиң» деген мазмундагы мамиле кылып койду. Мына ушул учурда гарыйзалык тарап фикраттан үстөм келип, күрөш жана жаңжалдар пайда болду. Бул нерсе эксплуатация кылуу максатында күч артынан жүгүрүүгө, мамлекеттердин мамлекеттерге каршы уюшуусуна жана адамзатты бак-таалайлуу кыла турган жалпы фикратты күчсүздөнтүүгө жана өз кезегинде бул фикратты көөдөлөндүрүп турган мамлекетти да алсыратууга алып барды. Акыбетте, адамдар алардын үстүнөн пикирдин ордуна гарыйза өкүмдар болушуна жана күчсүздүн үстүнөн күчтүү өкүмдар болушуна, адамдардын өз боордоштору болгон адамдарды кор кылып, кул кылып эксплуатация кылышына дуушар болушту. Кийин колонизаторлуктун жана аны менен сыймыктануунун о.э. колонияларды пайда кылуунун артынан жүгүрүүлөр пайда болду. Андан кийин булардын баары дүйнөлук согуштарга алып барды.

Бирок, колонизаторлук ооруусу күчөп, Европада саясий жана экономикалык зулум чокусуна жеткенде, бул от пикирдүүлөрдү күйгүздү. Алар бул зулум жүгүнүн оордугунан онтошту. Адамдарды бар үнү менен бул зулумду жоготууга чакырды. Натыйжада, бузук капиталисттик түзүмдүн чечими катары социалисттик жана коммунисттик фикрат жүзөгө келди. Бул фикрат туура фикрат болгондо жана гарыйзаларга туура келе турган аклый фитрий негизге курулганда, пайдалуу чечим болор эле. Жалгыз бир үммөт боло ала турган калкта, өзгөртүү кудуретине ээ болгон күчтүү мамлекетте калыптанган болор эле. Бирок, ал ката жана кыялый фикрат эле. Ал акылдан эмес, балким, вокыйлыкка жооп катарында, вокыйлыкты пикирлөөнүн орду эмес, балким, пикирлөөнүн булагы кылып алуудан пайда болгон эле. Ошондуктан, ал адам, тирүүлүк жана аалам жөнүндөгү жалпы пикир болсо да, бирок акылга эмес, балким, материяга курулган болуп, акыл ага материя үстүндө пикир жүргүзүү аркылуу эмес, балким, материяны сезүү аркылуу жетишкен эле. Ошондуктан, ал

бүтүндөй ийгиликсиздикке учурады, калк же үммөттө калыптана албады. Коммунисттик мамлекетке айланууга да кубаты жетпеди. Турмушка колдонууда болсо, ал капиталисттик фикрат сыңары алмаштыруу, өзгөртүү жана жамачы салуу менен гана өз түзүмүн турмушка колдоно алат.

Коммунисттер фикратты калктар жана үммөттөрдө эмес, балким, жалаң зулум көргөндөр табында калыптандырууга аракет кылышты. Дүйнөнү өзгөртүү кудуретине ээ боло турган күчтүү мамлекет тикелөөгө аракет кылышты. Бирок, алар зулумдангандар табынан бүткүл дүйнөлүк мамлекет тикелөөгө чакырган эле. Дүйнөдөгү калктар жана үммөттөргө даъватты рисалат катарында жаюучу бир үммөткө айлана турган калкта мамлекет тикелөөгө чакырышпаган эле. Акыбетте, алар бүткүл дүйнөлүк мамлекет тикелөөдө жана өзгөртүү кудуретине ээ боло турган күчтүү мамлекетти вужудка келтирүүдө ийгиликсиздикке учурашты. Кийин Ленин бул идеологияны кеңири баяндаган жана дүйнөдөгү зулумданган таптардан дүйнөлүк мамлекетти жүзөгө келтирүү мүмкүн эместигин сезген убакта, бир мекенде коммунисттик мамлекетти тикелөө, кийин ушул мекенден туруп, бул мамлекеттин – аракет баскычтарынын бир баскычы катарында – дүйнөлүк көтөрүлүш жана дүйнөлүк мамлекетти жүзөгө келтирүү үчүн аракет кылышы жөнүндө сүйлөдү. Бирок, ал бул фикраттын анык каталыгы көрүнгөн кезде, анын баарын кайра карап чыгуунун ордуна, ушул фикрат негизинде аракет кылды жана ушул фикратты аракетке келтирүүнүн жол-жосуну үстүндө иштөө менен чектелди. Кийин өз калкын дүйнөгө даъватты жая турган мамлекетке айлануу үчүн фикратты жая турган калк кылуунун ордуна, фикратты мазлумдар табына жайды жана аларды заалымдар үстүнөн өкүм жүргүзө турган кылып койду. Акыбетте фикратты колдонуу, зулумду бүтүндөй жоготуу жана дүйнөлүк революцияны пайда кылууда ийгиликсиздикке учурады. Анын орунбасары Сталин келген кезде да, ийгиликсиздик уланды жана ал чоңоюп кетти. Акыры коммунисттик мамлекет коммунисттик мамлекет болуп эмес, балким, коммунисттик фикраттын пайдубалы катарындагы Россия мамлекетине айланды. Кийин Сталиндин издештери келгенде да, бул фикраттын ийгиликсиздиги улантылып, аны өзгөртүү дагы да күчөдү. Коммунизм пайдубалы болгон Россия мамлекети таасирин кеңейтүү жана өкүмдарлыгын орнотуу үчүн коммунизмди ыкма кылып алган падышалык Россия мамлекетине айланды. Ушул себептүү, капитализмди дабалоо жана ага каршы күрөшүү үчүн келген фикраттын дүйнөнү саясий жана экономикалык зулумдан куткарууда эч кандай таасири болбоду. Балким, бул фикрат ишке ашырмакчы болгон максаттардын тескерисинче болду. Себеби, капиталисттик фикрат күчөп, ал тез тарала баштаган жана анын өкүмдарлык кылуу жана эксплуатация кылуу кудурети артып кеткен эле. Аны кабыл алган мамлекеттердин

калктары эми зулумдан онтобой турган болуп калышты. Балким, жашоо деңгээлин көтөрүү деп аталган жасалма нерсе себептүү, калктар зулумду оңой гана сиңире турган болуп калышты. Коммунисттик мамлекеттер колония кылган калктар жана үммөттөрдүн колонизаторлуктан кыйналып кылып жаткан дат-байраты тынды, колонизаторлуктун өкүмдарлыгы менен таасири астында жасалма эгемендүүлүктөр жана куурчак мамлекеттер сүрөтүндө, бийлик жана өкүмдарлык көрүнүштөрүндө колонизаторлук кербенинде ал кай жакка жүрсө ошол жакка жүрө турган болуп калышты.

Ушул себептен улам, дүйнөнүн он сегизинчи кылымдан бери азыркыга чейин ушул бактысыздык астында азап чегип жатканы таң калыштуу эмес. Себеби, дүйнөгө өкүмдарлык кылып жаткан фикрат – капиталисттик фикрат. Ал тургай, социалисттик деп аталып жаткандары да, социализм өкүмдар болгон мамлекеттер да – социалисттик мамлекеттер деп аталышканы менен – негизи, дүйнөгө өз таасирлерин жаюуну жана аны эксплуатация кылууну эңсеп жаткан мамлекеттер. Эгер дүйнө бул фикрат кулдугунан, дүйнөдөгү калктар жана мамлекеттерге таасири кирип барган жана дүйнөнү басып алууга көз артып жаткан мамлекеттер өкүмдарлыгынан кутула албаса, анда анын азат болушунан үмүт кылып болбойт. Ошондуктан, дүйнөдөгү пикирлүү жана калыс кишилердин милдеттери – дүйнөнү капиталисттик мабдадан азат кылуу жана сугалак мамлекеттердин чеңгелинен куткаруу үчүн аракет кылуу.

Дүйнөнү азат кылуунун жана аны куткаруунун жападан-жалгыз жолу – саясий акыйда, пикирий пайдубал жана турмуш жөнүндөгү дүйнө караш боло турган акылга курулган, материяны пикир жүргүзүүнүн булагы эмес, балким, пикир жүргүзүүнүн орду кыла турган – адам, тирүүлүк, аалам жөнүндөгү жалпы пикирди пайда кылуу. Мына ушул жалпы пикир, туурарагы, мына ушул саясий акыйда гана дүйнөнү эзип жаткан зулумдан, анда өкүм сүрүп жаткан эксплуатация кылуудан, өкүмдарлык жана таасирлерден куткара алат.

# Ислам үммөтүнүн милдети

Ислам акыйдасын – адам, тирүүлүк, аалам жөнүндөгү жалпы фикрат, саясий акыйда, пикирий негиз, турмуш жөнүндөгү белгилүү көз караш катары – кабыл алган Ислам үммөтү дүйнөнүн адашып, тентиреп жүргөнүн, саясий жана экономикалык зулум астында алы куруп жатканын, ырыйымсыз күчкө кулдук кылуу үчүн моюн сунуп жатканын, бактысыздык, кулдук жана кордук каргашалары астында ыңгыранып-онтоп жатканын жана дүйнө менен бирге өзү да ушул акыбалга түшүп калганын көрүп турган Ислам үммөтү дүйнөнү куткаруу о.э. адашуу жана адаштыруу карангылыктарынан хидаят нуруна, жашоо бактысына алып чыгуу милдетин өз мойнуна алышы керек. Ислам үммөтү ырайымсыз күчтүн зулуму астында алы куруп жаткан болсо да, бир гана өзүн ойлошу туура эмес, анткени, эгоисттик ал кабыл алган акыйдадан алыс жана дилинде көтөрүп жүргөн кыйматтар менен пикирлерге жат. Ошондуктан, өзүн куткаруу менен бирге дүйнөнү куткаруу жөнүндө да ойлошу жана өзүн эле эмес, бүткүл дүйнөнү азат кылуу милдетин мойнуна алышы керек. Анткени, Ислам үммөтү да бул дүйнөнүн бир бөлүгү. Ислам үммөттү адамзатты хидаятка баштоо үчүн келген. Ал Ислам акыйдасын кабыл алгандан тартып, бүткүл адамзатты бактысыздыктан куткаруу, зулум жана кайгыдан, кордук жана кулдуктан куткаруу анын үстүнө парз болуп калды.

Ислам үммөтү турмуш жөнүндөгү негизги фикрат болгон саясий фикратты о.э. бул фикратты турмушта аткаруунун тарыйкатын кабыл алган. Кайсы бир үммөт туура фикратка тарыйкаты менен чогуу ээ болсо, бул үммөт, шексиз, адамзатка изгилик тартуулоого жана бул фикрат жетекчилигин жаюуга ылайыктуу. Ошондуктан, Ислам үммөтү туура ойгонууга, ошону менен бирге, башкалар үчүн изгилик булагы болууга жана адамдарга бул фикратты пикирий жетекчилик жана турмуш жөнүндөгү көз караш катары жаюуга кудуреттүү. О.э. ал Ислам даъватын калктар жана үммөттөргө жаюу аркылуу дүйнөнүн проблемаларын чечүүгө жана ал кулап бара жаткан бактысыздык, кулдук жана кордуктан куткарууга да кудуреттүү.

Ислам үммөтү өз тарыхында эч бир үммөттөн жеңилген эмес. Ал башка калктар жана үммөттөр менен боло турган күрөшүндө – алардын күчтөрү кандай болушуна карабастан – эч качан жеңилбейт. Ошондуктан, ал дүйнөгө өкүмдар болгон мамлекеттердин күчү кандай болушуна карабастан дүйнөнү куткарууга кудуреттүү. Бир кылымдан ашык улантылган кресттүүлөр согушунда болгон иштерге келсек, акыры жеңиш мусулмандар тарабында болгондон тышкары, Европа калктарынын баары Ислам үммөтүнө каршы согушка чыккан болсо да, бул согуштарда Ислам үммөтү батышка каршы исламий үммөт сыпатында согушпады. Акыйкатта,

согуш Шам менен Египет өлкөлөрүнө чектелген эле. Согушка катышкандар да Шам менен Египет калкы эле. Жеңишке жетишкендер да Шам менен Египет калкы эле. Ислам үммөтү болсо мамлекеттерге окшоп кете турган вилаяттарга бөлүнүп кеткен, мусулмандар халифасынын бул вилаяттар үстүнөн толук өкүмдарлыгы жок эле. Натыйжада, Ислам үммөтү кресттүүлөр менен согушка кирбеди. Согушка Шам менен Египет өлкөлөрү гана кирди. Башка вилаяттар болсо, бул согушка катышкан жок. Себеби, башка волийлер – өз бийликтерин бекемдөө менен алектенүүлөрүнөн тышкары – капырлар менен жыхад кылуу парзи кифая жана Шам менен Египет өлкөлөрү Ислам өлкөсүнөн капырларды тосууга жетиштүү болот деп билишер эле. Чындыгында эле жетиштүү эле. Ошондуктан да, акыры жеңиш мусулмандар тарабында болду. Кресттүүлөр Шам менен Египет өлкөлөрүнөн кууп чыгарылды жана Ислам өкүмдарлыгы бул өлкөлөргө дагы кайтты.

Ал эми, биринчи дүйнөлүк согушта жүз берген иштерге келсек, бул согуш Ислам үммөтүнө каршы кресттүүлөр согушу эмес эле, анын Ислам өлкөсүнө каршы жашыруун түрткүлөрү биринчи кресттүүлөр согушунукуна карганда күчтүүрөөк, терңирээк жана таасир көлөмү кеңирээк болсо да. Мунун себеби, Англия жана анын союздаштары Германияга каршы биринчи дүйнөлүк согушка кирди, Осмоний мамлекет болсо согушка Германия тарап болуп кирди. Ушуга караганда, бул согуш – Европа мамлекеттери ортосундагы, Осмоний мамлекет да катышкан, бирок, Ислам үммөтү катышпаган согуш.

Ошондуктан, анда Британия кошуунунун саптарында мусулман индиялыктар катышкан жана мусулмандарга каршы согушпоону шарт кылышкан. О.э. анда мусулман болушса да, чалгытуучу факторлордун таасиринде катышкан болушса да, англичандар тарапта араб өлкөлөрүнөн көптөгөн арабтар да катышты. Бирок, бул абалды жеңилдетүүчү нерсе, бул согуштун Ислам үммөтүнө каршы экендиги ачык маалым болбогону эле.

Демек, Ислам үммөтү өз тарыхында Ислам үммөтү катары таптакыр жеңилбеген. Ал Ислам үммөтү катары согуш кылган бардык мамлекеттерде ал үчүн жеңиш туусу сайылар эле. Ал ошол кезде белгилүү болгон эски дүйнө мамлекеттеринин көбүн фатх кылды жана мына ушул үлкөн Ислам дүйнөсүн жаратты. Ошондуктан, Ислам үммөтү толук маанидеги Ислам үммөтү болуп көрүнгөн убакта, дүйнөнү анда өкүмдарлык кылып жаткан жана анын башына ар түрдүү бактысыздык, кордук жана кулдукту салып жаткан карамүртөз күчтөрдөн куткарууга кудуреттүү.

Кээде көпчүлүк бири-биринен мындай деп сурап калат: «Ислам үммөтү бүткүл дүйнө сыяктуу ушул жырткыч күчтөргө моюн сунат. Бардык адамдар сыяктуу ал да өкүмдарлык, бактысыздык, кордук жана кулдук

азаптарын тартууда. Өкүмдарлыктын бардык түрлөрү: саясий, экономикалык, сакофий жана кээ бир убактарда, атүгүл, аскерий өкүмдарлык бардык адамдардын катарында Ислам үммөтүнө да зордоп өткөзүлүүдө. Ошондуктан, Ислам үммөтүнөн башкаларды азат кылууну талап кылуунун ордуна, өкүмдарлык жана таасирден өзүн азат кылууну талап кылуу ылайыктуу болор беле, негизи, анын өзү башкалардан көрө азат болууга өтө эле муктаж? Мейли, Ислам үммөтү чындыгында азат болду же азат болуу жолуна кадам койду деп алалы. Жырткыч күчтөрдүн каршылыгы анын кудуретинен чоң  боло туруп, бул күчтөргө каршы күрөшүүгө анын кудурети жетеби?»

Эгер бул сыяктуу суроолор пайда болсо, анда мындай абал чалгытуу жана адаштыруу факторлорунун таасиринен тышкары, мусулмандардын табиятын билбегендиктин жана Исламдын күрөшүүдөгү кудурет көлөмүн билбегендиктин натыйжасы болуп саналат. Анын чалгытуу жана адаштыруу экендигине келсек, үммөттү рисалатын дүйнөгө алып чыгуудан буруп жиберүү үчүн, бир гана өзүн азат кылуу менен алек кылып коюу о.э. колонизаторлуктун өкүмдарлыгын дагы да бекемдөөгө, үммөт бутундагы кишендерди майдалоого эмес, балким, катырууга алып бара турган «азаттык» жөнүндөгү пикирлер жана азат болуу үчүн аракет кылуулар тузагына үзгүлтүксүз түрдө илинтип коюу – ашынган душман капырдын адаштыруу ыкмаларынан. Ошондуктан, үммөт дүйнөнү куткаруу үчүн даъватты алып чыгуунун ордуна өзү менен алек болуп калышы – аны даъватынан буруп жиберүүнүн, колонизаторлордун өкүмдарлыгын бекемдөөнүн жана Ислам өлкөлөрүндө калуу мөөнөтүн узартуунун жолдорунан. Мына ушундан, үммөттүн даъватты коюп өзү менен өзү алек болуп калышы, адамзатты куткаруу үчүн аракет кылуунун ордуна өз иштери менен болуп калышы туура эмес, ал тургай, коркунучтуу.

Эми мусулмандардын табиятын жана Исламдын кудурет көлөмүн билбегендикке келе турган болсок, Ислам эгер адамзат ишениминин борборуна орношсо жана адамзат жүрөгүндө анын уругу пайда болсо, адамды ар кандай күчтөн да кудуреттүү эң улуу адамга, баатырлар, хукамалар жана мутафаккирлерден да бийик адамга айландырат. Ислам акыйдасы арабу-ажамды калк жана уруулар деңгээлинен барлыктагы эң жогорку бийиктиктерден орун алган улуу үммөткө көтөрүп чыкканы буга ачык далил болот. Кресттүүлөр согуштарынын тажрыйбасы мусулмандардын табиятындагы мусулманда заматта пайда болуп кала турган, аны кулдан кожого, жеңилүүчүдөн жеңүүчүгө айландыра турган, төмөндүктүн эң төмөн тепкичинен улуулук жана атак-даңктын эң бийик даражасына көтөрө турган күтүүсүз күч бар экендигин ачып берди. Исламдын башталышы менен кресттүүлөр согуштарынын ортосун канча замандар, түрдүү окуялар ажыратып турган болсо да, Нуриддин Зангий жана Салохиддин Айюбийлер Холид ибн Валид жана Саъд ибн Абу

Ваккастар сыяктуу боло алышты. Мусулмандардын эрдиги заманга караганда тереңирээк жана түрдүү окуялар алдындагы ар кандай бекемдиктен да бекемирээк. Алардын табияты болсо асыл табият. Асыл нерсе канчалык муктаждыктарга туш келбесин, канчалаган куугун-зулумдарга учурабасын, баары бир асыл бойдон калат. Ислам адамдын нафсиясын мына ушундай тарбиялайт. Исламды кабыл кылып дүйнөгө алып чыга турган муунда мына ушундай эрдикти пайда кылат жана – замандар канчалык узак болбосун – келерки муундардын дилдерине орноштурат. Анткени, Исламдын таасир күчү көз жетпеген жерлерге жетет, акыл жана идиректи айран калтырат, адамдын оюна келбеген укмуштуудай иштерди пайда кылат. Ошондуктан, Ислам үммөтүнөн өзүн азат кылуу талап кылынбайт, балким, андан дүйнөдө хидаятты таратуу, дүйнөнү башына түшкөн өкүмдарлык, кордук, кулдук, зулум, куфр жана залалат балээлеринен кутаруу үчүн, дүйнөгө Ислам даъватын алып чыгуу талап кылынат. Мына ушундан, Ислам үммөтүнөн бир гана өзүн азат кылууну эмес, аны менен бирге, бүткүл адамзатты куткарууну да талап кылуу керек. Анткени, Ислам үммөтү адамдар үчүн жоопкер. Адамдар арасында хидаятты таратуудан жоопкер.

Ислам үммөтү өзүн кандай азат кылат, адамдарды кандай куткарат? Муну жазылган сөздөр эмес, амалий иштер, жазылган пикирлер эмес, үлкөн амалдар көрсөтүшү керек. Анын адамдарга кандай болушу сүйлөп берилбестен, балким, адамдар аны вокыйлыкта (турмуш чындыгында) бар абалда көрүүлөрү керек. Адамдар аны турмуш барактарына вокеий сүрөттө жазыла турган Ислам тилинен о.э. адамдарга нур жана зия болуп жайыла турган Ислам хидаятынан түшүнүп алышсын. Демек, кеп анын кандай болушу жөнүндө эмес, балким, ойдон да үлкөн болочок вокыйлыкты көз менен көрүүдө.

Адамдар, айрыкча, мусулмандар Ислам үммөтү карамүртөз күчтөрдөн – алар канчалык биригишпесин – кудуреттүүрөөк экенин билүүлөрү зарыл. Мунун эки себеби бар, биринчиси: Ислам үммөтү башка эч кайсы үммөт ээ болбогон кудуреттүү фикрат – адам, тирүүлүк, аалам жөнүндөгү жалпы фикратка ээ болуп, ошол эле учурда, ал ар кандай куфр мамлекеттери үстүнөн үстөм болуунун туура тарыйкатын да берет. Ошондуктан, ким мындай фикратка ээ болсо, анын кудурети жеңилүү эмнелигин билбей турган кудурет болушунун таң калыштуу жери жок. Экинчиси: Ислам үммөтү башкалар ээ болбогон материалдык күчкө да ээ. Бул күч өтө үлкөн болуп, эч кандай күч ага тең келе албайт. Бул күч Ислам үммөтүнүн кол астында. Ошондуктан, Ислам үммөтү кире турган күрөштүн абалы жана аны менен күрөшө турган күчтөрдүн кандай болушуна карабастан, жеңиш Ислам үчүн кепилденген.

Тема бирөө гана, ал да болсо Ислам үммөтү темасы. Ислам үммөтү аракетке келгенде азат кылат, атылып чыкканда куткарат, кыйкырганда

залимдер ага сежде кылып жыгылышат. Демек, бардык сөз анын аракетке келишинде, кийин атылып чыгышында, анан кыйкырышында. Ошондо бак-таалай, кадыржамдык жана туруктуулук болот, бүткүл адамзат өсөт жана өнүгөт. Демек, бардык сөз Ислам үммөтүнүн ушул барлыкта аракетке келишинде.

Алла Тааланын бар экендигине вокыйлыкка дал келген бекем тастыктоо жана далилден келип чыккан катъий ыйман менен ишене турган жана ал пикир эмес акыйкат деп биле турган Ислам үммөтү турмуштун маанисин жакшы түшүнөт. Анын милдетин толугу менен идирек кылат. Мухаммад ﷺ Алланын пайгамбары деп жана Алланын бардык адамдарга жиберген элчиси деп этикат кыла турган Ислам үммөтү өз алдындагы жана адамзат алдындагы милдетин түшүнөт. Алланын китебине ыйман келтирген жана аны билип алган, Мухаммад ﷺдын сүннөтү жана сийратына этикат кылган жана аны билип алган Ислам үммөтү саясаттын жана согуштун маанисин түшүнөт, куфр күчтөрүнө каршы кандай күрөшүүнү, зулум менен жамандык тактыларын кандай титиретүүнү билет. Ислам үммөтү Бадр окуясын билет. Ал согушту идирек кылат жана дилинде аны тирилтет. Ошондуктан, ал соодасын жана мал-мүлкүн таштап, зулум жана куфр күчтөрүнө каршы – бул күчтөр андан бир нече эсе көп болсо да – батымдуу күрөшөт. Ислам үммөтү Алла Тааланын:

﴿ٱلۡـَٔـٰنَ خَفَّفَ ٱللَّهُ عَنكُمۡ وَعَلِمَ أَنَّ فِيكُمۡ ضَعۡفًاۚ فَإِن يَكُن مِّنكُم مِّاْئَةٌ صَابِرَةٌ يَغۡلِبُواْ مِاْئَتَيۡنِۚ وَإِن يَكُن مِّنكُمۡ أَلۡفٌ يَغۡلِبُوٓاْ أَلۡفَيۡنِ بِإِذۡنِ ٱللَّهِۗ وَٱللَّهُ مَعَ ٱلصَّـٰبِرِينَ﴾

***- «Эми, Алла силердин жүгүңөрдү жеңил кылды, силерде алсыздык бар экендигин билди. Эми силерден жүз сабырдуу киши болсо, Алланын изни-уруксаты менен эки жүз*** *(капырды)* ***жеңет, эгер силерден миң киши болсо, Алланын уруксаты менен эки миң*** *(капырды)* ***жеңет. Алла сабыр кылуучулар менен бирге».*** **[8:66]**

аятын окуган кезде, эгер өз кубатынан душмандын кубаты эки эсе ашык болбосо, ага каршы согушуусу парз экенин жана бул парз кылынган эң жеңил абал экендигин билет жана ошондуктан, эки эсе көп болбогон убакта, карамүртөз күчтөргө чабуул кылууда эч бир экиленбейт.

Ахзаб казатын жана Исламды жок кылуу үчүн түрдүү уруулардан топтолгон куфр күчтөрү мусулмандарга каршы кандай жамдалганын билген Ислам Үммөтү жалгыз өзү бүткүл дүйнөгө каршы турат, саясатты аскерий тарапка карай багыттайт, акыл жөндөмүн жана ийкемин согушка даярдайт о.э. аны күч топтоого каратат. Ислам үммөтү Алла Тааланын Расулулла ﷺга карата түшүргөн:

﴿فَقَـٰتِلۡ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ لَا تُكَلَّفُ إِلَّا نَفۡسَكَۚ﴾

- ***«Демек,** (эй Мухаммад), **Алла жолунда согуш кыл. Негизинен, сен өзүң үчүн гана жоопкерсиң** (демек, жалгыз калсаң да согушкун)».* **[4:84]**

аятын окуган кезде, коргонуу абалында өзүнөн душманды кайтармайынча же аны бүтүндөй жок кылмайынча, анын күчү канчалык көп болбосун, өзү канчалык күчсүз болбосун, ага каршы согушушу зарыл экендигин билет.

Худайбия умрасы окуясын, Расулулла ﷺга – Хайбар жөөттөрүнүн Курайш менен биргеликте Мухаммадга Мединада чабуул жасап, аны жок кылып жиберүү максатында союз түзүү үчүн сүйлөшүүлөр алып барганынын – кабары келгенде, Курайш менен келишим түзүү үчүн умра кылууга неиттенгендигин, аны менен келишим түзүп, анын жамандык кылбашынан көңүлү тынчтанган соң, Хайбар жөөттөрүнө кайтып барып, алар менен согуш кылып, аларды мамлекет катары жок кылып жибергенин окуган Ислам үммөтү мамлекеттер ага каршы жок кылып жиберүү үчүн уюшкан убакта эмне кылууну, душмандарынын уюшуусун тосууну, жамандыктарынан сактанууну жана өздөрүн талкалап таштоо үчүн аларга кандай сокку берүүнү абдан жакшы билет. Ислам үммөтү Алла Тааланын:

﴿وَإِمَّا تَخَافَنَّ مِن قَوۡمٍ خِيَانَةً فَٱنۢبِذۡ إِلَيۡهِمۡ عَلَىٰ سَوَآءٍۚ﴾

- ***«Эгер** (араңарда убада-шерт берген) **бирер коом тарабынан кыянатты сезсең, сен да аларга** (кылган убада-шертиңди) **дароо ошондой кылып тең таштагын** (ортоңордогу убада-шерт бүткөндүгүн эки тарап тең билишсин)».*

**[8:58]**

аятын окуган кезде, ахд жана келишимдердин туткуну болуп калбашы керектигин, ахддарга бапаа кылууга буюрулган болсо да, жамандыкты сезген убакта, бул ахддарды дароо бекер кылышы керектигин билет.

Мекке согуш жана келишим менен фатх кылынганын түшүнүп жеткен Ислам үммөтү – Расулулла ﷺ Меккеге кирген соң: «Мага ансарларды чакыргыла» деди. Ансарлар келишкен соң, аларга: «Курайштын арамза жана төмөн кишилери согушка даярданышууда, аларды кырып таштагыла!» - деди жана бир алаканын экинчиси менен эзди» – мына ушул окуяларды билген Ислам үммөтү Ислам аскерлери бирер мамлекетке кирсе, анын калкына амандык беришин, эгерде бул мамлекет согушууну ойлоп калса, аны жанчып таштоо жана күчтөрүн жок кылганга чейин согушуу лаазымдыгын билет. Ислам үммөтү Алла Тааланын:

﴿فَمَا ٱسۡتَقَٰمُواْ لَكُمۡ فَٱسۡتَقِيمُواْ لَهُمۡۚ﴾

- ***«Алар убадаларында бек турушкан болсо, силер да убадаңарда тургула!»***

**[9:7]**

аятын окуган кезде, душмандын туура болушу мусулмандардын туура болушу үчүн шарт экендигин, момун өтө зирек жана сергек болуп,

душманы багынып, согушпоо жөнүндө убадалашкан болсо да, анын бирер аракетинен бейкабар калбашы керектигин билет.

Мекке сегизинчи жылы фатх кылынганын, Расулулла ﷺ мушриктерге хаж (ажылык) кылууга жана Байтулланы жылаңач тавап (тооп) кылууга уруксат бергендигин жана алар менен келишим түзүүгө мажбур болгондугун билген; бул абал мусулмандардын дилдеринде ачуу алам болуп калганын жана бул нерсе мушриктердин күчү мусулмандадын күчүнөн көптүгүн этибарга алуудан жана согушчандардын кубатсыздыктарынан болгондугун билген; тогузунчу жылы Расулулла ﷺга «Бароат» же «Харб» сүрөсү (бул сүрө «Тооба» сүрөсү да деп аталат) түшкөндө, аны Куранга «Бисмиллахир Рохманир Рохим»сиз киргизүүгө буюрганын, ажы амири Абу Бакр Сыддык Р.А. «Тооба» сүрөсүн адамдарга жеткириши жана ушу кеңири белгилүү үч буйрукту т.а. 1. Ушул жылдан кийин мушрик хаж кылбайт. 2. Байтулланы жылаңач адам тавап кылбайт. 3. Ким белгилүү бир мөөнөткө чейин ахддашкан болсо, ахд ошол убакытка чейин өз күчүндө калат. Төрт айдан кийин мушриктер Исламды кабыл кылышы керек, антпесе, аларга каршы бүтүндөй жок кылып жиберилгенче согуш кылынат: «же Ислам, же согуш» – ушул үч буйрукту жарыя кылышы үчүн Али Р.А.ну ал кишинин артынан жибергенин билген Ислам үммөтү, эгер мажбурий факторлор себептүү шерменделүү келишүүлөргө ыраазы болгон болсо, буга унчукпай карап турбастан, мындай ахддарды душмандарын жанчып таштай турган күч даярдап, мүмкүн болушунча өтө тез убакытта бекер кылуу лаазымдыгын түшүнүп жетет о.э. Ислам үммөтү өз арасында бирер жат вужуддун болушу өз ичинде, же өз өлкөлөрүнүн биринин ичинде турмуш түшүнүктөрүнүн кайсы биринде болбосун, эркин бир күч болушу мүмкүн эместигин, Үммөт арасында Ислам үнүнөн башка үндүн көтөрүлбөшү керектигин да түшүнүп жетет. Ислам үммөтү Алла Тааланын:

﴿وَلِلَّهِ ٱلۡعِزَّةُ وَلِرَسُولِهِۦ وَلِلۡمُؤۡمِنِينَ﴾

- ***«Акыйкатта болсо, бардык күч-кудурет Алланыкы, Анын пайгамбарыныкы жана момундардыкы».*** **[63:8]**

аятын окуган кезде, Ислам өлкөлөрүндө Исламдан башкасынын күч-кудурети болбошу керектигин билет.

Ислам Үммөтү Китеп жана Сүннөттөн, пайгамбарыбыздын сийратынан бул жана башка аят-хадистерди, окуя-адиселерди окуганда, саясат жана согуш анын куру маалыматтарынын бири болуп калбайт, алар үйрөнө турган тема жана тажрыйбалар гана болуп калбайт, муктаждыктан гана келип чыкпайт. Балким, саясат жана согуш Ислам үммөтүнүн акыйдасынан келип чыккан пикирлер, Ислам шариятынан алынган өкүмдөр болот, саясат жана согуш Ислам үммөтүнүнжүрөгүнүн ич-ичине чейин кирип, кан-канына чейин бүткүл денесине сиңип кеткен болот.

Арийне, Ислам үммөтү ири дөөлөттердүн саясатын үйрөнгөндө, аны бир вокыйлык катары шарият пикирлери жана өкүмдөрү менен дабалоо үчүн жана бул вокыйлык талап кыла турган саясат жана согуш менен ага каршы күрөшүү үчүн үйрөнөт. Ислам үммөтү кандай аракет кылууну абдан жакшы түшүнөт жана жол каякта экенин да билет. Ислам үммөтү аны Анлгия бир калк катары колония кылып жатканын, Франция ага бир вужуд катары чабуул кылып жатканын, Россия анын үстүнөн бир үммөт катары өкүмдарлык кылып жатканын жана Ислам үммөтүнө – ал абдан көп калктардан турган болсо да – бир үммөт катары таасирин кеңейтип жатканын көргөн кезинде, мына ушул колония, чабуул, өкүмдарлык жана таасирден Ислам үммөтү бүтүн бир үммөт катары көздөлгөн максат экендигин түшүнүп жетет жана Ислам үммөтүн эксплуатация кылуу, ага чабуул кылуу, анын үстүнөн өкүмдар болуу жана анын жерлерине таасирди жаюу, бир гана анын өлкөсүн мамлекеттерге бөлүп жиберүү, саптарын калктарга ажыратып таштоо жана динин турмуштан узакташтырып, кудуретинин сырын жок кылуу аркылуу ишке ашышын түшүнүп жетет.

Ислам үммөтүн колония кылуу, ага чабуул кылуу, үстүнөн өкүмдар болуу жана анын жерлерине таасирди жаюудан көздөлгөн негизги максат – материалдык тарап эмес (ал жүзөгө чыккан болсо да) жана Ислам өлкөлөрүнүн байлыктарын талап-тоноо да эмес (мындай абал улантылып жаткан болсо да), балким, негизги максат жана түпкү түрткү – Ислам үммөтү согуш жана пикир майдандарында толук жеңилгенден кийин, ал дагы кайрадан рисалатын дүйнөгө жаюу үчүн кайтпашынан о.э. анын карамүртөз күчтөрдү майдалап ташташынан жана жамандык чептерин ойрон кылышынан коркуу эле. Ооба, негизги максат жана түпкү түрткү ушул эле. Бүткүл маселе ушунда эле. Демек, тема колония кылуунун өзү эмес, балким, тема бул үммөттү бүтүндөй жанчып таштоо жана Ислам үммөтү катары бар болушун жок кылуу. Анткени, муну менен Ислам дүйнөгө рисалатын жаюу үчүн кайра кайтпасын. Негизги максат ушул болуп, ал эксплуатация кылуу, байлыктарды талап-тоноо эместигине тарых жана мусулмандардын кордолушу далил катары жетишерлик да, бул маселенин чыныгы вокыйлыгын – экинчи дүйнөлүк согушта коммунисттик мамлекеттер менен капиталисттик мамлекеттер Германия үстүнөн жеңишке жетишкенден кийинки Германия окуялары жана Германия маселесинин акыйкаты аркылуу – көз алдыбызга келтирип, акылыбыз менен идирек кыла алабыз. Мына ушул Германия чоң үммөт. Коркунучтуу күч. Ага карата коммунисттик жана капиталисттик күчтөр бир позицияда т.а. ал мурункудай дагы кайта чоң үммөт болушуна катуу каршылык кылуу позициясында турушту, анткени, муну менен ал дагы баарына коркунучту жүзөгө келтирбесин. Германия коммунизмге тоскоол болгон жана Европаны Россия чабуулунан коргой турган кудуреттүү күч

болуп калышы капиталисттик мамлекеттердин кызыкчылыгы болуп, алар муну экинчи дүйнөлүк соуштан кийин, элүүнчү жылдардын акырына чейин даана сезип турушар эле. Бирок, Россиянын Германия моюн сунууда уланышын каалап катуу туруп алышы жана дагы кайра улуу үммөт болушуна тоскоолдук кылышы, Франциянын Германиядан коркунучу, Англия позициясынын туруксуздугу, Американын Европа мамлекеттеринин ортосундагы тең салмактуулуктун жоголушунан коркушу – ушулардын баары дүйнөдөгү күчтөрдү Германия дагы кайрадан чоң үммөт болушунун алдын алуу үчүн бириктирди. Мындан көздөлгөн максат – Германияны колония кылуу жана анын байлыктарын талап-тоноо эмес (өкүмдарлыкты орнотуу, таасирди жаюу жана Германия экономикасын жана күчүн эксплуатация кылуу иш жүзүндө болуп жаткан болсо да), анткени, эксплуатация кылуу жана таасирди жаюу негизги түрткү эмес. Балким, негизги түрткү Германия коркунучунан сактануу жана ага каршы бириккен бул мамлекеттерден ар бири өз өлкөсүн, коопсуздугун жана мамлекетин коргоо эле. Бул калктарга коркунуч сала турган фикратка т.а. адам тирүүлүк, аалам жөнүндөгү жалпы фикратка ээ болбогон дүйнөгө улуу бир даъватты жайбай турган Германияга карата ушундай мамиле кылынды. Ал эми, эң кудуреттүү фикратка ээ болгон, эң чоң даъватты жая турган жана Германиядан күч, сан жана байлык жагынан кудуреттүү болгон Ислам үммөтүнө карата бул сыяктуу мамиле кандай кылынбасын?! Мына ушул бир мисалдын өзү тарыхка кайрылбасак да, Ислам үммөтүнүн үстүнө түшкөн колония, чабуул, өкүмдарлык жана таасирлердин акыйкатын түшүнүп жетүү үчүн, аларды көз алдыбызга келтирүүгө жетиштүү болот. Ошондуктан, Ислам өлкөсү маселеси өзүнүн чыныгы ордуна коюлушу, чыныгы сүрөтү баян кылынышы жана анын дабаасы үчүн бир гана Ислам үммөтү негизинде иш алып барылышы керек.

Душман мамлекеттердин Ислам үммөтүн колония кылышы, ага өкүмдарлык кылышы жана анын жерлери бойлоп өз таасирин жайышы бир канча баскычтарда болуп өттү. Биз азыр бул жараяндын эң акыркы баскычында турабыз. Ислам үммөтүн өлтүрүү үчүн атылган ок ысыктыгын жана тездигин жогото турган аралыкка келип жетти. Душман «курмандык жан далбасасынын эң акыркы чекитине жетти» деп ойлоп жатат. Негизи болсо, ал дагы эле тирүү, анын билими жана кубаты дагы да күчөдү. Ошондуктан, аракетке келиши мурдагыдан көрө жеңилирээк жана өткөн ар кандай убактагыдан көрө ийгиликке жакыныраак болуп калды. Дүйнөнүн ага жана анын даъватына болгон муктаждыгы абдан чоң. Ошондуктан, Ислам үммөтү бул бактысыз дүйнөнү куткаруу үчүн аракет кылышынын мезгили келип жетти.

Он үчүнчү хижрий, он жетинчи миладий кылым – Ислам үммөтүнүн кудурети чексиз даражада арткан, атак-даңкы бийиктиктерге көтөрүлгөн,

«Ислам кошууну жеңилбес» деген акыйкатты эч ким танбай турган бир доор. Мына ушул доордо анын душмандары ага каршы чабуулун баштады. Бирок, алар Ислам үммөтүнүн адамдарына жана коомуна каршы чабуулду пикирий чабуул менен башташты. Кийин Европада өнөржай төңкөрүшү болгон соң, душмандар бул учурдан пайдаланып, аны пикирий чабуул үчүн жол жана саясий саясий чабуул үчүн курал кылып алышты. Аскердик чабуул үчүн күч катары пайдаланышты. Ислам үммөтүн бириктирип турган халифалыкты түгөтүүгө алсыздык кылышарын сезишкен соң, анын аймагын андан ажыратып таштоо ыкмасын колдонуп, Ислам өлкөсүн өз-өзүнчө мамлекеттерге майдалап таштоону баштап жиберишти жана акыры мусулмандардын халифасын жок кылышты.

Тарых Наполеон жөнүндө айтат: Ал Египтке жүрүш кылып, аны басып алган убакта, офицерлер жана командачыларын чоң килем салынган кең бөлмөгө топтоду. Килемдин ортосуна бир шляпаны коюп, офицерлерге: «Ким мага шляпаны алып берет?» - деди. Бир офицер аны алып келүү үчүн барганда, ага: «Килемди баспа» деди, башкасы узун жыгач менен алууга урунду. Ага: «Колуң менен ал» деди. Башка офицерлер да шляпаны алууга урунушту. Бирок, эч ким аны Наполеон талап кылгандай ала албады. Ошондо Наполеон аларга: «Оболу килемди ороп, андан кийин шляпаны алабыз», - деди. Анан аларга карап мындай деди: «Бул шляпанын мисалы халифалык болсо, килемдин мисалы Ислам мамлекети. Килемди ороо менен гана шляпаны алуу мүмкүн болгондой, халифалыкты жок кылуу үчүн да – кудум килемди орогондой – анын жерлери бир чекеден колго алынат. Кийин халифалыкты оңойлук менен жок кылуу мүмкүн болот. Мына биз Египетти ээледик. Эми Шамды ээлейбиз. Халифалыкты жок кылганыбызга чейин ушундайча уланта беребиз».

Батыш мамлекеттери биринчи дүйнөлүк согуш болгонго чейин Ислам өлкөлөрүн ушундай бирме-бир майдалап барды. Алар бул согушта жеңишке жетишкенден кийин, халифалыкты жок кылууга, Ислам өлкөлөрүн колонияларга, кийин мамлекетчелерге бөлүү аркылуу, Ислам үммөтүн майдалап таштоого жана мусулмандардын саптарын калктар жана улуттарга бөлүп жиберүүгө мүмкүнчүлүк табышты. Ана Ислам үммөтүн ээлеп алып, майдалап таштоого жетишишти. Азыр болсо акыркы демин да калтырбастан чыгарып, анын бүтүндөй жок болуп кетиши үчүн аракет кылышууда. Ислам үммөтүнүн үстүндө айланган бул баскычтар аягына жетти. Душман биз каршы чыгууга күчүбүз жетпей турган күчтөрүн алып чыгып кетти. Анын пикирий кемчиликтери жана дүйнө карашынын бузуктугу бардык адамдарга ашкере болду. Душмандын малайлары шерменде болушту деп кой, эми, алардын жалган жана алдоолору, ал тургай, алардан пайда көрө тургандарга да, кол астындагы көз карандыларына да өтпөй калды. Душмандын таасири эми жашырып болбой турган абалга келип калды. Израил, Кипр жана Ливан сыяктуу

чабуул үчүн ыңгайлуу жай кылып алган базалары да ларзага келди. Ошондуктан, Ислам өлкөлөрүнөн аны ыргытып, Ислам үммөтүнүн үстүнөн анын дахшаттарын алып таштоо үчүн о.э. Ислам даъватын бүткүл дүйнөгө жаюу үчүн ыңгайлуу учур келди. Бул учур абдан узак мөөнөттү өз ичине алат. Бир канча айлар жана жылдарда бүтпөйт, балким, абдан көп жылдарга созулат. Ал ар күнү кечегиден да ыңгайлуураак болуп бара берет. Себеби, күндөн-күнгө душмандардын алдоолору ашкере болуп, жалгандарынын бети ачылып калышы артып барууда. Ислам өлкөлөрүнөн чеңгелинин көтөрүлүшү тынымсыз улантылууда. Ошондуктан, Ислам үммөтү, шексиз, тез күндөрдө кыймылга келет. Анткени, Ислам үммөтү душмандары кылган жана кылып жаткан айла-амалдар жана зомбулуктарды, бул душмандын кай даражага жеткенин көрүп турат. Бул болсо биздин үлкөн жеңишке болгон ишеничибизди бекемдейт.

Дүйнөдөгү бардык мамлекеттер Ислам үммөтүнө душман. Себеби, алар капыр мамлекеттер. Алар ар дайым мусулмандарга азар берүү, бөлүп таштоо жана таратып жиберүү үчүн ыңгайлуу учурларды күтүп турушат. Ислам бизге бүткүл дүйнө эки дийардан гана – Ислам дийары жана куфр дийарынан – турарын үйрөттү. Мусулмандар куфр дийарынын калкын «ахли харб» (согуш калкы) деп эсептешет. Мусулмандар алар менен хукман (өкүмдө) согуш абалында болушат т.а. алардын өкүмү «ахли харб». Же алар менен Ислам үммөтүнүн ортосунда согуш жарыя кылынган убакта болсо, амалий (иш жүзүндөгү) согуш абалында болушат. Расулулла ﷺ айтты: «Адамдарга «Лаа илаха иллаллоху, Мухаммадур расулуллох» дешмейинче согушууга буюрулдум. Эгер ушундай дешсе, менден кандарын жана малдарын сактап калышат. Болгону, (шарият белгилеген) нерселерин гана сактай алышпайт». Бул хадисте айтылган «ан-нас» (адамдар) сөзү «алиф» жана «лам» менен бирге келген исми жинс болуп, ал бардык кылымдардагы бардык капырларды түшүндүрөт. Бирок, Расулулла ﷺдын иши куфр дийары Ислам дийарына айланганга чейин согушуу эле. Эгер айланса, согушту токтотчу жана адамдарды Исламды кабыл алууга мажбур кылчу эмес. Себеби, АллаТаала:

﴿لَآ إِكۡرَاهَ فِي ٱلدِّينِۖ﴾

***- «Динде мажбурлоо жок».*** **[2:256]**

деген. Расулулла ﷺ да «бирер киши дининен кайтууга мажбур кылынбайт» деген. Биз адамдарды этикат кылышып жаткан жана ибадат кылышып жаткан нерселерине өз абалдарында калтырууга буюрулганбыз. Демек, капыр мамлекеттердин баары – ырас, куфр дийары болгон соң – согуш кылына турган мамлекеттер.

Бирок, өз өкүмдарлыгын Ислам өлкөлөрүнө өткөрүп жаткан ири дөөлөттөр Ислам өлкөлөрүнө карата коркунучу эң көп жана душманчылыгы катуу болгон мамлекеттер. Алар дүйнөгө өкүмдарлык

кылышууда жана анын башына түрдүү зулум жана күлпөттөрдү салышууда. Ошондуктан, Ислам үммөтү дүйнөнү бул мамлекеттерден куткарууга; аларга каршы турууга; Исламды жеткирүү жана даъватты жаюунун бир абалы катары, алар менен саясий күрөшкө киришүүгө; эгер даъватты жаюу жана Ислам өлкөлөрүн азат кылуу, аларды коргоо амалий согушту талап кылса, алардын ар кайсынысы менен болбосун амалий согушка киришүү үчүн жетиштүү күч даярдоого жоопкер. Ошондуктан, мусулмандар ар дайым жихад абалында болушат. Жихад Кыяматка чейин түбөлүк калат жана улантыла берет. Жихад намаздын парздыгы сыяктуу парз. Бул парз душманды кайтарууга жана өлкөнү азат кылууга, же жаюу важып болгон жерлерде даъватты жаюуга жетиштүү боло турган даражада күч пайда болмоюнча, бирер мусулмандын мойнунан сакыт болбойт. Ушул себептен улам, жихад Ислам үммөтүнүн табиятына айланышы важып болгон сыпат. Себеби, жихад дүйнөгө даъватты жаюунун тарыйкаты.

Дүйнөдө өкүмдар болгон ири дөөлөттөр экөө: Америка менен Россия. Мусулмандарга карата куфрдун башы деп эсептеле турган ыплас жана айлакер мамлекет Англия, анан Франция. Франция Ислам өлкөлөрүнүн кээ биринде таасирди орнотууга жана Ислам өлкөлөрүнө кудурети жеткен жерлерде таасирин жана өкүмдарлыгын жаюуга тынымсыз аракет кылууда. Ошондуктан, үзгүлтүксүз саясий күрөш ушул мамлекеттердин баары менен болот. Ал эми, калган капыр мамлекеттер болсо, азырынча бул темага кирбейт.

Ушул жерден бир суроо туулат: Бул мамлекеттер менен курөшүү баары менен бир мезгилде болобу – бул болсо туура саясат болбойт – же күчтөр бизге каршы уюшпашы үчүн, күрөш кээ бир мамлекеттер менен болуп, башкалары менен болсо келишим түзүлөбү? Мунун жообу: Капырлар менен болгон күрөш эки жаатта болот. Бири пикирий күрөш болуп, ал саясий күрөш деп аталат. Экинчиси кандуу күрөш болуп, ал амалий согуш т.а. жихад. Ал эми пикирий күрөш т.а. саясий күрөш бул мамлекеттердин баары менен бир мезгилде болушу шарт. Бул күрөштө бирер мамлекет менен келишилбейт. Себеби, Ислам мабдасы менен капиталисттик жана социалисттик-коммунисттик мабдалар ортосундагы карама-каршылыктардын табияты алардын ортосунда карама-каршылыктар тынымсыз улантылышын талап кылат. Анткени, бу мамлекеттер саясий иштерди өкүмдар болуунун жана таасирди жаюунун тарыйкаты кылып алган. Ошондуктан, мамлекеттер аралык вокыйлыктын табияты баары менен дайымый түстө саясий күрөш алып барууну талап кылат. Ал эми, кандуу согуш т.а. амалий согушка келсек, аны шарттар жана абалдар белгилейт. Бул абал башка бир абалдарды колдонуу кыйын болуп калганда, же мүмкүн болбой калганда кайрылына турган акыркы абал. Расулулла ﷺ Худайбия жана Хайбар согуштарында кылгандай, кээ бир

мамлекеттерге согуш кылуу үчүн башка мамлекеттер менен убактылуу тынчтык келишимин түзгөн. О.э. Курайш менен согушууга мүмкүнчүлүк табуу үчүн, башка уруулар менен убактылуу келишим түзгөн. Курайштын жамандыгынан кутулгандан кийин, Рим мамлекети менен амалий согушка кирди. Демек, бир мамлекет менен убактылуу келишим түзүү жана башка мамлекет менен согушка кирүү жайыз. Мына ушул жолду колдонуу мүмкүн. Анткени, Расулулла ﷺ ушундай кылган. Кээде күчтөрдүн көлөмү жана шарттар Ислам үммөтүн убакытылуу келишим түзүүгө мажбур кылып коёт, мындай абал согуштун башында болобу, же Ислам өлкөлөрүнө эки же андан көбүрөөк мамлекет чабуул кылган убакта болобу, айырмасы жок. Расулулла ﷺ Ахзаб согушунда араб уруулары чабуул кылып, ал затты Мединада камал кылган убакта, алардын баарына каршы согуш кылуу үчүн козголду. Бирок, камал созулуп кеткен кезде жана согуш үчүн топтолгон уруулардын күчү Расулулла ﷺды жана анын мамлекетин жок кылып жиберишинен чоочуган кезде, кээ бир уруулар менен кайтып кетишсе мал берүү шарты менен келишим түзүүнү көздөдү. Эгер эки Саъд т.а. Саъд ибн Убода менен Саъд ибн Муаз Расулулла ﷺга: «Биз аларга малыбызды эч качан бербейбиз. Биз капыр болгон убагыбызда да аларга бирер нерсе бербегенбиз. Эми Алла бизди Ислам менен улуу кылып койгон убакта беребизби?!» дешпегенде... Мына ушул учурда Расулулла ﷺ келишим туурасындагы пикирин өзгөрттү жана мусулмандар менен келишим түзүү үчүн келгендерге: «Жөнөгүлө, силерге кылычтан башка нерсе берилбейт» деди жана уруулардын баарына каршы Алла Таала жеңишке жеткиргенге чейин согуш кылды. Демек, бир мамлекет менен согуш кылуу жана башка мамлекет менен убактылуу келишим түзүү жайыз. О.э. күчү канча болушуна карабастан, уюшкан мамлекеттерге каршы согушуу да жайыз. Кайсы жолду тандоону шарттар белгилейт. Суук согуш деп аталган нерсенин өкүмү бул жерде амалий согуш өкүмүндө болот. Себеби, ал амалий  согушка алып барат о.э. биз менен суук согуш абалында болгон мамлекеттин амалий согушка кириши күтүлсө, анын жеңишке жетиштүү күчтөрү бар боло турган болсо, анда суук согуш колдонулат. Демек, биздин күчтөрүбүз душмандарыбыздын күчүнүн жарымынча болсо, амалий согушка жана суук согушка киребиз. О.э. эгер алар бир союзга уюшууса, алардын баарына каршы турушубуз да жайыз. Бул орунда душман мамлекеттердин өздөрүн коргоо же бизге коркунуч салуу үчүн уюшуулары менен бизге каршы амалий согушка уюшкан абалда кирүүлөрүнүн айырмасы жок. Биринчи абалга экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки коммунисттик жана капиталисттик лагерлер ортосундагы абалды, ал эми, экинчи абалга экинчи дүйнөлүк согушта союздаш мамлекеттердин Германияга каршы абалын мисал кылып келтирүүгө болот.

Жыйырманчы кылымдын жетимишинчи жылдарында, бүткүл Ислам үммөтүн ушул төрт мамлекеттин өкүмдарлыгы жана таасиринен куткаруу т.а. колония болуудан жана таасирден азат кылуу маселеси Ислам үммөтүнүн алдындагы маанилүү милдетке айланды. Азат кылуу үчүн гана күрөшкө киришибиз туура болбойт. Балким, бүткүл дүйнөгө даъватты көтөрүп чыгуу үчүн жана аны азыркы абалынан куткаруу үчүн аракет кылышыбыз зарыл. Азат кылуу максат эмес, жол болот. Себеби, милдетибиз Ислам даъватын бүткүл дүйнөгө жаюу. Азат кылуу анык турган иш. Анткени, негизи, биз колонизатор үммөт эмес, даъватты жая турган үммөтпүз. Согуш Алла Тааланын калимасын бийик кылуу үчүн болсо гана «жихад» болот. Ал тургай, азат кылуу жихады да Алланын калимасын бийик кылуу үчүн болушу зарыл. Биз Палестинаны азат кылуу үчүн согушуп жаткан чагыбызда Ёфа апельсиндери үчүн согушпайбыз жана мекенибизди өзүбүзгө кайтарып алышыбыз үчүн согушпайбыз, балким, Алланын калимасы бийик болушу үчүн согушабыз. Буга болсо азат кылуу аркылуу гана жетишилет. Демек, согуш азат кылуу үчүн эмес, Алланын калимасын бийик кылуу үчүн болот. Абал ушуну талап кылгандыктан, биз Сенегал, Нигерия жана Суданды азат кылуу жана аларды куфр диярынан Ислам диярына айлантуу үчүн согушканыбызда, биз Алжирди азат кылмайынча Родезия аймактарында токтоп калбайбыз. Индонезияга өтмөйүнчө Конго аймактарында токтоп турбайбыз. Балким, шарттар жана абалдардын талабына ылайык, күчүбүзгө карай даъватты жаюу үчүн жихад кылууну уланта беребиз. Анткени, биз калкы Пакистан сыңары мусулман болобу, же Индия сыяктуу капырлар болобу, баары бир, бардык куфр диярын Ислам диярына айлантуу үчүн согушабыз. Ошондуктан, аталган ушул төрт мамлекет менен боло турган күрөш азат кылуу үчүн эмес, Ислам даъватын жаюу үчүн болушу керек. Мусулмандар мойнундагы чечилиши лаазым болгон маселе азат кылуу маселеси болсо да, күрөш Ислам даъватын жаюу үчүн болушу керек. Бул иш Ислам өлкөлөрүн азат кылуу аркылуу ишке ашса да. Ал тургай, азат кылуунун өзү да Алланын калимасын бийик кылуу үчүн болушу шарт.

Жогоруда душман мамлекеттердин Ислам өлкөлөрүн колония кылышы өзүнүн акыркы баскычына жетти о.э. колонизаторлукка каршы чыгууга жана аны кууп жиберүүгө ыңгайлуу учур келди дедик. Бул шек-күмөнсүз даана көрүнүп турган вокыйлык. Себеби, душман өз өкүмдарлыгын жана таасирин пайда кылуу үчүн о.э. бул өкүмдарлык жана таасирди сактап калуу үчүн саясий иштерди ишке салат. Аскердик күчкө болсо, аны иштетүү өзүнө коркунуч туудурбай турган абалдарда гана кайрылат. Ошондуктан, душман менен күрөшүүдө саясий иштер жетиштүү болот. Душман аскердик күчкө кайрылууну ойлонсо, ага коркунуч туудуруу үчүн күч даярдоо жана шейиттикке даярдануу жетиштүү болот. Бул эки иш т.а. саясий иштер о.э. шейит болууга даярдануу жана душманга коркунуч

туудуруу үчүн жетиштүү күч даярдоо азат кылуу үчүн т.а. даъватты жаюу жана азат кылууда ийгиликке жетишүү үчүн жетиштүү. Ошондуктан, Ислам үммөтүнүн эң маанилүү милдети саясий иштерди мыктылап, жихад үчүн даярдык көрүү. Ушул себептен улам, иш эми оңой кечет. Себеби, душмандын материалдык күчтөрүнө тең келе турган материалдык күчкө да, төрт ири дөөлөттин күчүнө тең келе турган күчкө да, ал тургай, алардын ичиндеги эң алсызынын күчүнө тең келе турга күчкө да кажет жок. Себеби, азаттык үчүн саясий иштер жана ыктымалы бар чектелген аскердик аралашуудан этият болуу жетиштүү болот. Ошондуктан, азат кылуу жана даъватты жаюу жүктөрүн мойнуна албоодо эч кимге үзүр жок. Жерге жабышып жатып алып, аракет кылбоону актай турган эч кандай шылтоо жок.

Душман мамлекеттер Ислам өлкөлөрүндө кылып жаткан иштер алардын ортосунда өз ара бөлүштүрүлгөн жана алар бири экинчисинен ажыралган эмес. Ошондуктан, биз оболу Англияга каршы туруп, ал эми, Америка менен убактылуу келишим түзөбүз, же Америкага каршы туруп, Россия менен убактылуу келишим түзөбүз делбейт. Балким, бул эки үлкөн мамлекет – Россия менен Америка Ислам өлкөлөрүндө биргеликте өз өкүмүн өткөзүү жана таасирин жаюу үчүн аракет кылууда. Бул эки мамлекет бүткүл дүйнөнү өз ара бөлүштүрүп алышкан болушса да, дүйнөнүн бардык жерлеринде биргеликте иш алып барышууда. Мына бул бөлүштүрүлгөн дүйнөнүн тутумуна Ислам өкөлөрү да кирет. Мисалы, Египет менен Сирия Америка региону болсо да, Россия ал жерлерде аракет кылат. Корея менен Вьетнам Россия региону болсо да, бул жерлерде Америка аракет кылат. Бул эки мамлекет Танзания менен Түштүк Африка үстүндө өз ара ат салышуудан да кайтышпайт, бул ат салышуу «душмандыксыз спорттук таймаш» болсо да. Ошондуктан, алардын бири менен келишим түзүп, башкасы менен согушуу мүмкүн эмес. Себеби, бул күрөш экөөсүнө каршы каратылганда гана вокыйлыкта көрүнөт. Ошондуктан, бул орунда келишим түзүү туура келбейт. О.э. Англия Малайзия менен Тунисте аракет кылууда. Бирок, Америка да бул эки мамлекетте өз өкүмдарлыгын орнотуу жана таасирин жоюу үчүн аракет кылууда. Америка бул эки мамлекетти деп Англияга каршы күрөшсө да, бул күрөш согуш жана душманчылык күрөшү эмес, балким, олжолор үстүндө ат салышуу болот. Бул экөөсү бири-бирине каршы ойноп жаткан оюнчуларга окшошот. Мында кайсы бири жеңишке жетишсе, ошол пайдага ээ болот, оюндун тобу Тунис менен Малайзия т.а. Ислам өлкөлөрү болсо да. Ошондуктан, алардын бири менен келишим түзүп, башкасы менен күрөшүү мүмкүн эмес. Бул күрөш канчалык коркунуч жана курмандыктарды алып келсе да, экөөсүнө каршы бирдей күрөшүү керек.

Ошондуктан, Ислам өлкөлөрүн азат кылуу үчүн душман мамлекеттерге каршы жүргүзүлгөн күрөш алардын баарына каршы болушу керек. Бул

мамлекеттердин эч бири менен эч кандай убактылуу келишим түзүлбөшү керек, алардын бирөө жарымына каршы болсо да башкасынан эч кандай жардам суралбашы керек. Себеби, алардын жардамы иш жүзүндө болбойт. Балким, бул жардам – душмандардан Ислам өлкөлөрүн азат кылуу үчүн эмес – куфр өкүмдарлыгын орнотуу үчүн жардам болот. Ошондуктан, Ислам үммөтү бул төрт мамлекетке каршы бир убакыттын өзүндө күрөшүшү зарыл болот. Бул күрөштө эч кандай убактылуу келишим түзүү, жардам суроо, жасакерленүү жана кошоматчылык болбошу керек. Демек, тема кайсы бир мамлекетке душмандык кылып, ага каршы ат салышуу жүзөсүнөн башка бир мамлекеттен жардам суроо эмес, балким, капыр мамлекеттердин баарын Ислам өлкөлөрүнөн кууп чыгуу. Ошондуктан, Египет жетекчилеринин англичандарды чыгарып таштоо үчүн Америкадан жардам сурашы жана Шам өлкөлөрүнүн жетекчилери Франияны чыгарып таштоо үчүн англичандардан жардам сурашы ката жана коркунучтуу иш болгон. Анткени, бир душманга каршы башка бир душмандан, бир колонизаторго каршы башка бир колонизатордон жардам суралбайт. Булардын бирин экинчисинен абзел коюу «аңгектен качсаң дөңгөккө» дегендикти туюнтат, анткени, «ак ит, кара ит – баары бир ит». Негизи, бул экөөсү тең ит болуп, алардын бири экинчисинен абзел эмес.

Саясий иштер – аларды жеке адамдар кылабы, же партияларбы, же уюмдарбы, же бир мамлекет же бир нече мамлекеттер кылабы, баары бир – алар адамдардын иштерин башкаруу үчүн кылына турган иштер. Саясий иштер жер жүзүндө жамааттар пайда болгондон бери бар. Ошондон бери уруулар да, жетекчилер да саясий иштерди кылып келишкен. Ырас, жер жүзүндө иштери башкарыла турган жаматтар болот экен, мындан кийин да адамдар саясий иштерди кыла беришет. Ушуга караганда, саясий иштерди кылуу саясатта чеберчиликти жана өкүм жүргүзүү илимин терең билүүнү талап кылбайт. Балким, ар бир адам, ар бир жамаат жана ар бир мамлекет саясий иштерди кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бирок, азат болууну каалаган ар кандай калк жана адамдарга рисатлатты көтөрүп чыгып жаткан ар кандай үммөт зор көңүл бурушу зарыл болгон саясий иштер – чет мамлекеттерге, айрыкча, колонизатор мамлекеттерге каршы күрөшкө жана ачкөз мамлекеттердин коркунучунан сактанууга тиешелүү болгон иштер. Мына ушундан, Ислам үммөтү азаттыкты каалаган соң жана даъватты таркаткан соң, чет мамлекеттерге тиешелүү болгон саясий иштерге зор көңүл бурушу жана ага башка иштерден көрө артык даражада этибар каратышы о.э. аны кылынышы керек болгон иштердин башына коюшу зарыл.

Эгер биз өтмүш менен азыркы учурдагы саясий иштерди көрүп чыксак, алар тарых барактарын толтуруп таштаганына күбө болобуз. Тарыхтын баары саясий иштер. Азыркы учурда да бүткүл дүйнөнү саясий иштер

алек кылып турат. Биз бул саясий иштер мамлекеттер үчүн жеңишти кепилдегенин, калктар жана улуттардын мартабасын көтөргөнүн жана көп согуштарда көп сандуу кошуундардын ордун баскандыгын көрөбүз. Мисалы, Расулулла ﷺдын уруулар менен жолугушуусу, экинчи Акаба байъатын алышы, Мекке кабарларын анык билип келүүгө Абдулла ибн Жахшты жибериши, Бадр согушуна себеп болгон Курайш кербенин алуу үчүн козголушу, Расулулла ﷺ Хандак согушунда урууларга тоскоолдук кылганы жана алардын ичинде шектенүүлөрдү козгогону Нуаймды жибериши, умра кылуу үчүн барып Худайбия келишимин түзүшү, Саъдды Бану Курайза уруусу үстүнөн өкүм чыгаруучу кылышы, даъватчыларды урууларга жибериши, падышаларга каттар жөнөтүшү, Меккеге бара жатканда Аббастын Абу Суфёнду алып келиши, келишимдер түзүшү, Арабстан жарым аралынан келген элчилерди күтүп алышы, алдына келген христиандарды кабыл алышы, Бани Назир уруусун сүргүн кылышы, перстер тарабынан дайындалган Яман акимин Исламды кабыл кылгандан кийин дагы Яманга аким кылып дайындашы – бул жана ушулар сыяктуу иштер саясий иштер болуп саналат. Мындай иштерди Хулафаи Рошидиндер жана башка халифалар да кылган. Алардын чет мамлекеттерге карата алып барган иштеринин баарында саясий иштер үстөм. Ошондуктан, кошуун амирлерин согушка жөнөтүп жатканда, согуш кылына турган коомдон Исламга кирүүнү талап кылууну, эгер баш тартышса жизя төлөөнү сунуш кылууну, эгер мындан да баш тартышса, Алладан жакшылыкты сурап согуш жарыя кылууну амирлерге буюрар эле. Согуш кайрылына турган эң соңку чара болуп, биринчи кезекте саясий иштерди аткаруу лаазым. Мына ушундан, саясий иштер үммөттүн эң манилүү милдеттеринен жана аткарышы лаазым болгон эң зарыл иштеринен. Ушундан саясий иштер азат кылуу аракеттеринин эң маанилүүсү жана Ислам даъватын жаюу иштеринин эң зарылы экендиги таң калыштуу эмес. Эгер саясий иштер болбогондо Исламды жаюу ишке ашпаган болор эле жана бул кылымда адамдарга Ислам даъватын жаюунун мүмкүнчүлүгү  болбос эле. Бирок, бул кылымда саясий иштерди аткаруу үммөттөн мамлекеттер ортосундагы мамилелердин абалын билүүнү, бул мамилелерди күзөтүп барууну, алардын сырларын жана максаттарын идирек кылууну, манёвр менен манёвр болбогон иштерди ажырата билүүнү, иш менен анын максаттарынын ортосун айырмалай алууну жана мамилелердин эң соңку кырдаалдарынан кабардар болууну талап кылат. Бул болсо үзгүлтүксүз түрдө үммөттүн саясий сакофаты менен билимин байытууну талап кылат жана үммөттү тышкы саясатты ар дайым толуугу менен идирек кыла турган жана аны күзөтүп бара турган кылып коюуну о.э. бул саясат үстүнөн Ислам даъваты өкүмдар жана аракеттендирүүчү фактор болушун талап кылат. Мисалы, үммөт үчүн – эл аралык мамилелердин өзгөргөнүн, эки аскердик блок т.а. чыгыш аскердик

блок менен батыш аскердик блок эл аралык мамилелерге башчылык кылып, аларды аракеттендирип тургандан кийин, эми эки мамлекет Америка менен Россия аны башкарып аракеттердирип турганын – билүүнүн өзү жетиштүү эмес. Балким, үммөттүн бул эки мамлекет эки лагер сыяктуу аракеттенбей жатышканын жана ушуну менен бирге, төмөндөгүлөрдү да билиши шарт: эл аралык абал согуш жакасына барып калышы, кийин түзүлгөн курч кырдаал кайра жумшарышы да мүмкүн. Бирок, бул эки ири мамлекет балекеттүү чатыраш оюнун ойноодо. Эгер эл аралык абал согуш жакасына барып калса, аны токтото ала турган бир да күч табылбайт. Ошондуктан, бул эки мамлекет ортосундагы согуш эл аралык абал эки лагер абалында калышынан көрө коркунучтуу жана анык. Эл аралык абал эки лагер абалында болуп турганда үчүнчү лагердин да пайда болушу о.э. өнүгүү жана өсүүгө кудуреттүү бирер активдүү мамлекет чыгып, дүйнөдө биринчи мамлекеттен өтүп кетиши да мүмкүн эле. Эл аралык абал эки ири мамлекет ортосунда чектелип калгандан кийин, үчүнчү лагердин вужудка келиши жана бирер мамлекет өсүп-өнүгүп, бул эки мамлекеттен демилгени өз колуна алышы кыйын болуп калды. Ушуга караганда, негизги проблемаларды кыскача билүүнүн өзү жетиштүү эмес. Балким, жашырун сырлар жана деталдардын көбүнөн кабардар болуу да зарыл. Мисалы, адамдардын Англиянын ири дөөлөт даражасынан түшүп калганын, эл аралык иштерди көзөмөл кыла албай турганын жана эл аралык абалдарга таасир этүүгө кудуретүү болбой калганын билүүлөрү жетиштүү эмес. Балким, Англия «Британия шериктештиги» жана малайлары аркылуу өз колонияларында жашап турганын; ал эл аралык иштерди күзөтүп, аларга аралашууга аракет кылып жатканын; өзүнүн салттуу үч негизин дагы деле сактап келе жатканын; Америка Англия колонизаторлугун жок кылууга жана англиялыктарды күчсүздөндүрүүгө урунуп жатканына карабай, ал дагы деле Американын аркасынан жүгүрүп жатканын жана аны өзүнө таяныч кылууга урунуп жатканын о.э. Европаны моюн сундурууга жана Европа мамлекеттери ортосунда тең салмактуулукту сактап калууга аракет кылып, жалпы базарга киргенин; экономикалык жактардан четтеп, саясий союздар түзүүгө Европаны тартууга аракет кылып жатканын жана өзүнүн мурдагы колонияларын – алар Британия шериктештиги болобу, же эгемендүүлүгүн берип адамдар көзүнө азат кылып көрсөтүп койгон мамлекеттер болобу, айырмасыз, саясий жактан башкарып келе жатканын билүүлөрү керек. Эл аралык мамилелерди жүргүзүү жаатында чыгарылган өкүм туура өкүм болушу үчүн жана Ислам үммөтүнүн эл аралык абалдар каршысында туткан орду туура болушу үчүн, мына ушуларды билүү шарт.

Кийин проблемаларды өз акыйкатында билүү шарт кылынат. Ошондо Вьетнам согушу деп аталган нерсе – аскердик иштерди саясий иштер үчүн жол кылып алган – саясий иш экендиги белгилүү болот. О.э. Батыш

Германияда Бранддын бийликке кайтышындагы жеңиши Россиянын жардамы менен болгондугу белгилүү болот. Америка болсо бул шайлоолордо жеңилүүгө учурады. Ошондуктан, Бранддын кыймылынын чалынышы жана узак убакытка муктаж болушу күтүлөт. Эгер Американын талапкери т.а. христиан-демократиялык партиясы жеңип чыкканда, Борбордук Европа үчүн белгиленген тартибаттарда аракет кылуу тезирээк, оңоюраак жана көбүрөөк кепилденген болор эле. Кипр проблемасы болсо, гректер менен түрктөр ортосундагы проблема болбостон, балким, америкалыктар менен англичандар ортосундагы проблема болуп, ал дүйнөдөгү англия базаларын жок кылуу иштеринин бири.

О.э. жергиликтүү проблемалардын тышкы тарабын билүү гана жетиштүү эмес, балким, анын артындагы иштерди да билүү шарт. Мисалы, Америка президенттик шайлоолорунда биринчи жана экинчи жолу да Никсондун жеңишке жетишкенин көргөн учурда, «Америка калкы Никсон менен бирге» деген ураандар агымына ээрчип кетпөө керек. Балким, ал талапкерлигин коёрдон мурунку болуп өткөн иштерди көрүп чыгуу керек. Мурун ал президенттикке талапкерлигин койгондо, шайлоолордо Кеннеди утуп чыккан эле. Ал Америка штаттарынын биринде бийликке талапкерлигин койгондо да жеңишке жетпеди. Ошондон кийин эч качан талапкерлигин койбоого ант ичип, ири компанияларда адвокаттык кылуу менен алектенип калды. Анын талапкерлигин койгон жана биринчи жана экинчи жолу да жеңишке жетишишин жүзөгө ашырган мына ушул компаниялар эле. Америкада эл өзү каалаган президентин шайлай албайт, балким,  ири мүлк ээлери жана капиталисттер өз мал-мүлкүн ишке салуу үчүн президентти өздөрүнөн өкүл кылып шайлашат.

Мисалы, Англиядагы жумушчулар партиясы Европанын жалпы базарына кирүү үчүн зыян келтирүүчү шарттарды кабыл алганы үчүн өкүмдар консерватор партияга чабуул кылганын көргөн кезде, бул эки партиянын ортосундагы бийлик үчүн болгон жергиликтүү саясий күрөш жана англичандар кызыкчылыгын коргоо деп ойлоо ката болот. Балким, ал эгер Европа жалпы базарында  өз максаттарын жүзөгө чыгара албай турган болсо, Англия үчүн чегинүүгө жол даярдап коюу.

Мисалы, Румыниянын өз алдынча иш жүргүзүүгө умтулуп жатканын т.а. Америка менен шериктештик кылып, Россия өкүмдарлыгынан азат болуу үчүн аракет кылып жатканын көргөн кезде, бул  чыныгы вокыйлык деп ойлоо да ката болот. Балким, бул Кытай-Россия жана Кытай-Америка мамилелеринде маанилүү ролду ойношу үчүн, Америка менен келишкен абалда, Румынияны Россия тарабынан аракеттендирүү болуп саналат.

О.э. негизги проблемалардан экинчи даражалуу проблемаларды ажыратуу, нукура экономикалык  проблемалар менен нукура акча проблемларынын арасын жана саясий-экономикалык проблемалар менен

саясий-акча проблемаларынын арасын айырмалап алуу шарт. Бул проблемалар түрткүлөр же максаттар, же ушул экономиалык жана финансылык иштер тарабынан болобу, аларды айырмалап билүү керек.

Кыскасы, үммөт саясий билимдер менен тарбияланышы, негиздер жана деталдар жөнүндө туура билим менен камсыздалышы шарт. Себеби, ал – азаттык аракеттеринде болобу, же дүйнөгө Исламий даъватты жаюуда болобу, айырмасыз, саясий иштерди кыла турган үммөт.

**24/11/1392**
**29/12/1972**

# Мазмуну


• **Саясий караштар........................................... 2**

• **Англия саясаты............................................. 3**

• **Америка саясаты .......................................... 8**

• **Франция саясаты....................................... 22**

• **Россия саясаты.......................................... 26**

• **Эл аралык проблемалар............................... 34**

• **Ислам үммөтүнүн милдети......................... 43**